# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ

# 2024-2025-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ОКУУ-ТАРБИЯ ЖАНА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ БОЮНЧА ОТЧЕТ

Бишкек-2025



“ИЛИМ – ЖАШООНУН ЧЫНЫГЫ ДААНЫШМАНЫ”

МУСТАФА КЕМАЛЬ АТАТҮРК



МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ:

- Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
- Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
- Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
- Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу;
- Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
- Табият менен таттуу мамиледе болуу;
- Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей актоо.

# МАЗМУНУ

1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ..... 8
МИССИЯ ..... 14
КОНЦЕПЦИЯ ..... 14
НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАР ..... 14
МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР ..... 15
ИШ-ЧАРАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ ..... 16

2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ..... 18
МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ..... 18
УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМ ..... 20
АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМДӨР ..... 21
ФАКУЛЬТЕТТЕР ..... 24
ИНСТИТУТТАР ..... 57
ЖОГОРКУ МЕКТЕПТЕР ..... 60
ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУ ..... 64
АКАДЕМИЯЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕР ..... 68
АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТКЕРЛЕР ..... 68

3. ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИ ..... 69
АР БИР ОКУТУУЧУГА ТУУРА КЕЛГЕН СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ ..... 69
ОКУУ ЖҮКТӨМДӨРҮ ..... 74
СТУДЕНТТЕРДИН САНЫ ..... 80

4. ИЛИМИЙ ИШ-ЧАРАЛАР ..... 86
СЫЙЛЫКТАР ..... 86
БАСЫЛМАЛАР ..... 87
ИЛИМИЙ ДОЛБООРЛОР ..... 133
УЛУТТУК, ЭЛ АРАЛЫК УЮМ ЖАНА МЕКЕМЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫКТАР ..... 139
ПРАКТИКА ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ..... 149

5. ИЛИМИЙ, КООМДУК, МАДАНИЙ, КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА СПОРТТУК ИШ-ЧАРАЛАР.......... 159
6. САПАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА САПАТТЫН КЕПИЛДИГИН КАМСЫЗДОО ТУТУМУ ................. 160
САНАРИПТЕШТИРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ АТКАРЫЛГАН ИШТЕР ................................................. 161
ОКУТУУЧУЛАРДЫ ДАЯРДОО ........................................................................................ 162
ОКУУ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ИШТЕРИ......................................................... 162
ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ЖАНА БАСЫП ЧЫГАРУУ ЭТИКАСЫ БОЮНЧА КОМИТЕТ (BAYEK) ........... 162
ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР, КЫЗМАТТАШТЫКТАР ЖАНА ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШУУ.......... 163

7. КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР ................................................................................ 165



# ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ



**Тарых илимдеринин доктору, проф.Алпаслан Жейлан**
**Ректор**



**Саясат илимдеринин кандидаты, доц. Алмаз Ибраев**
**Биринчи проректор**

Кыргыз-Түрк "Манас" университети эки боордош мамлекет – Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасы тарабынан биргелешип ачылган эл аралык статуска ээ мамлекеттик университет болуп саналат. Орто Азиядагы эң өнүккөн кампустардын бирине ээ болгон окуу жайыбыз факультеттеринде, жогорку мектептеринде жана институттарында орто кесиптик билим берүү, бакалавриат жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуу-тарбия иштерин жүргүзүп, заманбап билим берүүгө жана илимий изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурат, ошондой эле ишинде инновациялык ыкмаларды колдонуу менен түптөлгөн күндөн тарта өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүн тынымсыз өркүндөтүп келет.

2024-2025-окуу жылында окуу жайыбыз студенттерге эл аралык стандарттарга ылайык сапаттуу билим берүү менен аларды келечекке даярдоону улантты. Дүйнөнүн төрт бурчунан, өзгөчө түрк дүйнөсүнөн жана боордош коомчулуктардан келген студенттерге жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулук курам, заманбап инфратүзүм жана бай окуу чөйрөсү сунушталып келет. Студенттерди орток маданий баалуулуктардын негизинде биримдик, боордоштук жана тилектештик түшүнүктөрүнүн алкагында тарбиялап, дүйнөлүк деңгээлде атаандашууга жөндөмдүү адис катары даярдоого өзгөчө маани берилет.

Университет эл аралык кызматташууларды арттыруу миссиясын ийгиликтүү улантып келет. Болонья процессине шайкеш келген билим берүү программаларынын жана кош диплом сыяктуу инновациялык билим берүү ыкмаларынын аркасында студенттер ар кандай карьера мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалана алышат. Мындан тышкары, университет студенттер жана окутуучулар менен алмашуу программалары, биргелешкен долбоорлор жана илимий кызматташуулар аркылуу дүйнөнүн ар кайсы университеттери менен аймактык жана эл аралык деңгээлде маалымат менен алмашууга зор салым кошот.

Илимий изилдөөлөргө жумшалган инвестициялар университеттин дүйнөлүк деңгээлде таанылышын жогорулатат. Академиялык кызматкерлерибиз улуттук жана эл аралык долбоорлорго катышып, коомдун жана айлана-чөйрөнүн кызыкчылыктарын эске алган чечимдерди иштеп чыгууда, экологиялык туруктуулук, энергиянын натыйжалуулугу жана социалдык жоопкерчилик

жаатында инновациялык иш-чараларды жүзөгө ашырат. Бул багытта илимий билим жана инновациялык долбоорлор аркылуу коомго пайда алып келүүнү улантуудабыз.

Өзгөрүлүп жаткан дүйнөнүн жана бизнес чөйрөсүнүн муктаждыктарын эске алуу менен студенттерде 21-кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ийкемдүү жана инновациялык билим берүү программалары иштелип чыгууда. Университет студенттердин академиялык жана инсандык өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү менен аларды өз өлкөлөрүнүн өнүгүшүнө салым кошо турган инсан катары тарбиялоо максатын көздөйт. Биздин бүтүрүүчүлөр улуттук жана эл аралык платформаларда иштей ала турган адистер катары коомго пайда алып келишет.

2024-2025-окуу жылында окуу жайыбыз социалдык күтүүлөргө жооп берген долбоорлорго басым жасап, студентке индивидуалдуу мамиле кылуу менен мыкты билим берүү максатын көздөөнү улантат. Биз студенттерибизге экологиялык долбоорлорду, инновациялык тажрыйбаларды жана күчтүү бизнес дүйнөсү менен бекем байланыштарды камтыган комплекстүү окутуу тажрыйбасын сунуштайбыз.

Бул отчётто 2024-2025-окуу жылында университетте аткарылган окуу-тарбиялык жана илимий изилдөө иш-чаралары тууралуу маалыматтар камтылган. Отчётту даярдоо процессине салым кошкон бардык кызматкерлерибизге ыраазычылык билдирүү менен бирге тийиштүү түзүм, мекеме жана окурмандарга пайдалуу болушуна тилектешпиз.



## УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк “Манас” университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган “Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте “Кыргыз-Түрк “Манас” университетин куруу тууралуу” келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет окуу-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Университет курулгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 27-декабрында кабыл алган токтомунун негизинде университеттин кампусу үчүн 100 гектар, окуу-лабораториялык имараттар үчүн 500 гектар жер тилкесин бөлүп берүү Указы Бишкек шаарынын мэриясына берилген. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764 номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетке өткөрүлүп берилген. Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин экономика жана башкаруу факультети менен коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте табигый-гуманитардык илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, инженерия факультетинин компьютердик инженерия бөлүмү жана чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер эмгектенген.

1998-1999-окуу жылында университеттин экономика жана башкаруу факультетинде экономика жана финансы бөлүмдөрү, ошондой эле инженерия факультетинде экологиялык инженерия бөлүмү ачылып, 223 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 256 кызматкер, алардын ичинен 161 административдик жана 95 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия иштери улантылган.

1999-2000-окуу жылында университеттин коммуникация факультетинде коом менен байланыш жана жарнама бөлүмү, телерадио жана кинематография бөлүмү, туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде коомдук тамактануу программасы ачылып, сабактар окутула баштаган. Ушуну менен катар инженерия факультетинде курулуш адистиги бөлүмү, чет тилдер жогорку мектебинин синхрондук котормо бөлүмүндө кыргызча-түркчө котормо программасы ачылып, 4 факультетте, 1 жогорку мектепте жана 1 кесиптик жогорку мектепте бакалавриат программалары боюнча 686 студент окуган. Университетте бардыгы болуп 326 кызматкер, алардын ичинен 181 административдик жана 145 академиялык кызматкер иштеген.

2000-2001–окуу жылында 4 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеби менен катар коомдук илимдер институту ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1110 студент билим алган. Бардыгы болуп 352, алардын ичинен 194 административдик жана 158 академиялык кызматкер эмгектенген.

2001-2002-окуу жылында туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде туризм жана мейманкана иштетүү программасы, коммуникация факультетинде журналистика бөлүмү ачылып, 4 факультетте жана 2 жогорку мектепте бакалавриат программасы боюнча 1328 студент, 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 63 студент билим алган. Университет 197 административдик жана 156 академиялык кызматкер менен

иш-чараларын уланткан. Айрыкча 2001-2002-жылында университет алгачкы 87 бүтүрүүчүсүнө диплом тапшырып, уядан учурган.

2002-2003-окуу жылында инженерия факультетинде тамак-аш инженериясы бөлүмү, туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинде саякат иши жана гид кызматы программасы ачылып, бакалавриат программасы боюнча 1605 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 390 кызматкер, алардын ичинен 198 административдик жана 192 академиялык кызматкер менен окуу-тарбия жана административдик иш-чаралары жүргүзүлгөн. 2002-2003-окуу жылында 91 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2003-2004–окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1835 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 388 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 156 академиялык кызматкер жумуш орду менен камсыз кылынган. 321 бүтүрүүчүгө диплом берилген.

2005-2006-окуу жылында чет тилдер жогорку мектебинин синхрондук котормо бөлүмүндө кыргызча-англисче котормо программасы ачылган. Бул окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1678 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 428 кызматкер, алардын ичинен 233 административдик жана 195 академиялык кызматкер иштеген. 281 бүтүрүүчү диплом алышкан.

2006-2007-окуу жылында инженерия факультети менен табигый-гуманитардык илимдер факультетинде орун алган негизги жана инженердик илимдер боюнча ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын жөнгө салуу, ишке ашыруу жана көзөмөлдөө максатында табигый илимдер институту ачылган. Ушул эле жылы чет тилдер жогорку мектебинин синхрондук котормо бөлүмүндө түркчө-орусча котормо программасы ачылган. Университеттин бакалавриат программасы боюнча 1673 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 415 кызматкер, алардын ичинен 232 административдик жана 183 академиялык кызматкер эмгектенип, 293 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2007-2008-окуу жылында табигый-гуманитардык илимдер факультети табигый илимдер факультети жана гуманитардык факультет болуп экиге бөлүнгөн. Табигый илимдер факультети математика жана биология бөлүмдөрү менен окуу-тарбия иштерин жүргүзө баштаган. Гуманитардык факультетте болсо, орус тили жана адабияты, англис тили жана адабияты бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинде эл аралык мамилелер бөлүмү, инженерия факультетинде Химиялык инженерия бөлүмү, ошондой эле орто кесиптик колледж ачылган. Ошону менен катар, туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектеби жабылып, анын ордуна туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби ачылган. 2007-2008-окуу жылында бакалавриат программасы боюнча 1865 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 468 кызматкер, алардын ичинен 246 административдик жана 222 академиялык кызматкер эмгектенген. 248 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган.

2008-2009-окуу жылында 8 факультетте, 4 жогорку мектепте, 2 орто кесиптик колледжде жана 2 институтта бардыгы болуп 3295 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 3014, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 281 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 593 кызматкер, алардын ичинен 296 административдик жана 297 академиялык кызматкер иштеген. 272 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. Бул окуу жылын кошо эсептегенде, университеттин факультеттеринде жана жогорку мектептеринде жүзөгө ашырылган орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 1967ни түзгөн.

2009-2010-окуу жылында 8 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде жана 2 институтта бардыгы болуп 3295 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программасы боюнча 3014, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура

программалары боюнча 306 студент билим алган. Бардыгы болуп 673 кызматкер, алардын ичинен 324 административдик жана 379 академиялык кызматкер иштеген. Бул окуу жылын кошо эсептегенде, университеттин факультеттеринде жана жогорку мектептеринде жүзөгө ашырылган орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бүтүрүүчүлөрдүн жалпы саны 2256ны түзгөн. 2009-2010 окуу жылында теология факультети жана Борбордук Азияны изилдөө борборунун ачылышы тууралуу чечим чыгарылган.

2010-2011-окуу жылында 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде жана 2 институтта бардыгы болуп 3609 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 3318, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 291 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 707 кызматкер, алардын ичинен 325 административдик жана 382 академиялык кызматкер эмгектенип, 304 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2010-2011-окуу жылын кошо эсептегенде, университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бардыгы болуп 2271 студентти уясынан учурган.

2011-2012-окуу жылында 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 4106 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 3809, 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 297 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 683 кызматкер, алардын ичинен 304 административдик кызматкер жана 379 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана административдик иштери улантылган. 416 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 2011-2012-окуу жылын кошо эсептегенде, университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бардыгы болуп 2981 студентти уясынан учурган. 2011-2012-окуу жылында университеттин Камкорчулар кеңешинин 2010-жылдын 30-октябрындагы № 4-чечиминин негизинде ислам таануу жана дин таануу бөлүмдөрүнөн турган теология факультети ачылып, даярдоо курсуна 22 студент кабыл алынган. Ушул жылы Борбор Азиянын изилдөө борбору менен биоартүрдүүлүктү изилдөө жана биотехнология борборунун нускамалары иштелип чыгып, аталган борборлор иш-чараларын жүргүзө баштаган.

2012-2013-окуу жылында 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 4388 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4017, 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 371 студент билим алып, алардын жалпы саны 4388ди түзгөн. Университетте бардыгы болуп 692 кызматкер, алардын ичинен 302 административдик жана 390 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана административдик иштери жүргүзүлгөн. Бул окуу жылында университет 575 бүтүрүүчүнү уясынан чыгарган. 2012-2013-окуу жылын кошо эсептегенде, университет 17 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча бардыгы болуп 3556 студентке диплом тапшырган.

2013-2014-окуу жылында 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 4600 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4281, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 319 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 669 кызматкер, алардын ичинен 290 административдик жана 376 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 530 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 2013-2014-окуу жылын кошо эсептегенде, университет 18 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4086 студентти уясынан учурган.

2014-2015-окуу жылында 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 4874 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат

программалары боюнча 4634, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 240 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 687 кызматкер, алардын ичинен 307 административдик жана 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, 616 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2014-2015-окуу жылын кошо эсептегенде, университет 19 жыл ичинде орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4702 студентти уясынан учурган.

2015-2016-окуу жылында 9 факультетте, 3 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 5101 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 4.872, ал эми 2 институттун магистратура жана докторантура программалары боюнча 255 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 692 кызматкер, алардын ичинен 306 административдик кызматкер жана 386 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн. 695 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2015-2016-окуу жылын кошо эсептегенде, 20 жыл ичинде университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 5.437, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 604 бүтүрүүчүнү чыгарган.

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2015-жылдын 2-июнундагы № 2015-12.56-чечимине ылайык, көркөм өнөр факультетинин тез өнүгүшүнө колдоо көрсөткөнүн, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна терс таасир тийгизбегенин жана Кыргызстандагы консерватория багыты боюнча билим берүү жаатындагы эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен консерватория багытын көркөм өнөр багытына кошуу, консерваториядагы музыкалык өнөр жана театралдык өнөр бөлүмдөрүн 2015-2016-окуу жылынан тарта көркөм өнөр факультетинин курамына киргизүү, консерваторияны жабуу, графика, живопись, музыкалык өнөр жана театралдык өнөр бөлүмдөрүнөн турган көркөм өнөр факультетин кайра куруу чечими кабыл алынган.

2016-2017-окуу жылында 9 факультетте, 3 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 5369 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 5075 студент, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 294 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 689 кызматкер, анын ичинен 302 административдик кызматкер жана 387 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери улантылган. 728 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 2016-2017 окуу жылын кошо эсептегенде, 21 жылдын ичинде университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 6165, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 646 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2017-2018-окуу жылында университеттин инженерия факультетинде электроника жана электр инженериясы, өнөр-жай инженериясы бөлүмдөрү, орто кесиптик колледжде автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо, ширетүү өндүрүшү, жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо программалары ачылып, 9 факультетте, 3 жогорку мектепте, 1 кесиптик жогорку мектепте жана 2 институтта бардыгы болуп 6065 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 5697 студент, 2 институтта болсо магистратура жана докторантура программалары 368 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 672 кызматкер, алардын ичинен 292 административдик жана 380 академиялык кызматкер эмгектенип, университеттин иштери улантылган. 828 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 22 жыл ичинде университет бакалавриат жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча 6947, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 697 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2018-2019-окуу жылында 9 факультетте, 3 жогорку мектеп, 1 орто кесиптик колледжде

бардыгы болуп 5613 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 5356, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 257 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 696 кызматкер, анын ичинен 316 административдик кызматкер жана 380 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери улантылган. 726 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 23 жылдын ичинде университет бардыгы болуп 8366, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 7614, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 752 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2019-2020-окуу жылында химия инженериясы боюнча англис тилинде магистратура программасы ачылып, 9 факультетте, 3 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 6113 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 5748, ал эми 2 институтта магистратура жана докторантура программалары боюнча 365 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 677 кызматкер, алардын ичинен 289 административдик кызматкер жана 388 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери улантылган. 1051 бүтүрүүчүгө диплом тапшырылган. 24 жылдын ичинде университет бардыгы болуп 9417, алардын ичинен орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 8603, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 814 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2020-2021-окуу жылында 9 факультетте, 3 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 6073 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5688, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 385 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 946 кызматкер, алардын ичинен 544 академиялык кызматкер, 321 административдик кызматкер жана 81 айлык келишимдин негизинде иштеген кызматкер эмгектенип, университеттин иштери улантылган. Орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 989, магистратура жана докторантура программалары боюнча 87 студент билим алган. 2018-2019-окуу жылын кошо эсептегенде, университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 8607, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 854 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2021-2022-окуу жылында 12 факультетте, 1 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 6099 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5676, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 423 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 650 кызматкер, алардын ичинен 304 административдик кызматкер жана 346 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, университеттин иштери улантылган. Орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 821, магистратура жана докторантура программалары боюнча 80 студентти чыгарган. Университет түптөлгөн күндөн тарта бүгүнкү күнгө чейин орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 10303, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 974 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2022-2023-окуу жылында 12 факультетте, 1 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 6044 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5621, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 423 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 639 кызматкер, алардын ичинен 301 административдик кызматкер жана 338 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, университеттин иштери улантылган. Орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 883, магистратура жана докторантура программалары боюнча 80 студентти чыгарган. 2022-2023-окуу жылын кошо эсептегенде, университет орто кесиптик билим

берүү жана бакалавриат программалары боюнча 11189, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 1030 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2023-2024-окуу жылында университеттин коомдук илимдер институту, табигый илимдер институту, Евразия тил, тарых жана археология илим-изилдөө институту жана салттуу оюн жана спорт изилдөө институту бириктирилип, ЖОЖдон кийинки билим берүү институту болуп түзүлгөн. 12 факультетте, 1 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп 5918 студент, алардын ичинен орто кесиптик билим жана бакалавриат программалары боюнча 5510, ал эми магистратура жана докторантура программалары боюнча 408 студент билим алган. Университетте бардыгы болуп 646 кызматкер, алардын ичинен 300 административдик кызматкер жана 346 толук айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкер эмгектенип, университеттин иштери улантылган. Орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 874, магистратура жана докторантура программалары боюнча 62 студентти чыгарган. 2023-2024-окуу жылын кошо эсептегенде, университет орто кесиптик билим берүү жана бакалавриат программалары боюнча 12063, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 1092 бүтүрүүчүнү чыгарган.

2024-2025-окуу жылында университеттин 12 факультетте, 1 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде бардыгы болуп

Университетибиз 2024–2025-окуу жылында университеттин курамында иш алып барган 12 факультетте, 1 жогорку окуу жайында, 1 кесиптик лицейде 5.888 бакалавр жана орто кесиптик билим алуу программасындагы студенттер, 1 институтта болсо жалпысынан 410 магистратура жана аспирантурадагы студенттер окуп, жалпы саны 6.298 студент билим алууда. Ошондой эле толук ставкада иштеген 336 окутуучу-профессордук курамы жана 300 административдик кызматкери болуп, жалпысынан 636 кызматкер менен ишмердүүлүгүн улантып, 855 бакалавр жана орто кесиптик билим алуучу, 48 магистр жана доктор окуучусун бүтүрүп чыгарды. Университет негизделгенден бери 2024–2025-окуу жылына чейин факультеттер жана жогорку окуу жайлардан жалпы 12.918 бакалавр жана орто кесиптик билим алуучуларды, ал эми институттардан 1.140 магистр жана докторлорду бүтүрүп чыгарды.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштерин башкы имаратта жана Ч.Айтматов атындагы кампуста жүзөгө ашырып келүүдө.

## УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ

***Жаштарды университетибиздин негизги баалуулуктарынын алкагында тарбиялоо, дүйнөлүк деңгээлде илимий маалымат, технология өндүрүү жана кызмат көрсөтүүлөр аркылуу коомдук көйгөйлөрдү чечүү, ошондой эле өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу процессине салым кошуу.***

## УНИВЕРСИТЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

***Эл аралык деңгээлдеги билим, илим, технология жана көркөм өнөр жаатында алдыңкы университет болуу.***

## НЕГИЗГИ БААЛУУЛУКТАР

Кыргыз-Түрк "Манас" университети Түркия Республикасы, Кыргыз Республикасы жана башка түрк мамлекеттеринин университет курагындагы жаштарын бир түндүктүн астына чогултуп, алардын түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарын калыптандыруу жоопкерчилигин алуу менен;

### Билим берүү жана илимий изилдөө иштеринде лидер болгон

Жалпы адамзаттык илимге жана түрк дүйнөсүнүн орток маданиятынын калыптануусуна салым кошо турган, окуп-үйрөнүү жана изилдөө иш-аракеттерине шыктандырган жогорку академиялык сапатты;

### Сапатка басым жасаган

Курулуу, түзүлүү максатына ылайык билим берүү, изилдөө жүргүзүү жана коомго кызмат көрсөтүү тармактарында учурдун талабы жана муктаждыгына жараша эл аралык масштабда өз ишин үзгүлтүксүз өнүктүрүп туруунну ишке ашырууну;

### Өнөктөштөрдүн катышуусу

Ички жана тышкы кызыкдар тараптардын, өнөктөштөрдүн катышуусун камсыз кылуу аркылуу корпоративдик чечимдерди кабыл алуу процесстерин жүргүзүү;

### Изденүүчү жана жаңычыл көз караш

Илимде жаңычылдыкка умтулган, изилдөө, билим берүү, технология лык өнүгүүлөрдүн алкагында изденген, сынчыл ой жүгүрткөн, коомдун жана адамзаттын муктаждыктарын камсыздоо үчүн кызмат кылган, жаңычыл жана заманбап көз караштты;

### Адамга жана коомго карата сезимталдык мамиле

Түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарын сактоого басым жасап, түрдүү көз караш жана ой-пикирлерин бейпил жана толеранттуулук атмосферасында айтуусун камсыз кылган, ошону менен бирге өзгөчөлүктөрдү баалуулук катары карап, дискриминациянын бардык түрүнө каршы чыккан, глобалдык баалуулуктарды, иштелип чыккан маалымат, технология жана кызматтарды айлана-чөйрөнү коргоо жана жакшыртуу максатында коомдун пайдалануусуна сунуштоону;

**Компетенттүү жана этикалык баалуулуктарды карманган**

Дүйнөлүк, илимий, академиялык жана кесиптик этикалык баалуулуктарды кармануу менен ийгилик, жөндөм жана эмгекти даңазалоону; тандоо жана баалоону компетенттүүлүктүн негизинде жүргүзүүнү;

**Тарыхый жана маданий баалуулуктарды баалаган**

Тарыхый, маданий, улуттук жана руханий баалуулуктарга терең маани берүү менен мамиле кылууну;

**Регионалдык жана глобалдык жоопкерчиликти сезген**

Тиешелүү мекеме жана адам ресурсу аркылуу өлкөнүн материалдык-техникалык, экономикалык, стратегиялык жана социалдык шарттарында түрк дүйнөсүнүн көйгөйлөрү баш болгон дүйнөлүк маселелерди чечүү жолдорун иштеп чыгууну;

**Кызматкерлердин жоопкерчилигинин жогору болуусу**

Кызматкерлердин мекеменин бир мүчөсү болгондугуна сыймыктана турган жана анын жоопкерчилигин мойнуна алган бир мекеме болууну негизги баалуулук катары карайт.

## МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

### УНИВЕРСИТЕТТИН МАКСАТТАРЫ

- Заманбап билим берүү стандарттары жана ыкмалары менен заманбап университетти башкаруу моделин колдонуп, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасы үчүн үлгү болуу жана дүйнө менен интеграциялашуу процессинде лидердик ролду ойноо;
- Заманбап, демократиялык, секулярдык, социалдык, укуктук мамлекет негиздерин колдогон, адам укуктарын сыйлаган, улуттук иденттүүлүк аң-сезимине ээ, руханий баалуулуктарды сактаган, физикалык, акыл-эстик жана адеп-ахлактык жагынан өнүккөн, коом алдында жоопкер, жаратман жана чыгармачыл муундарды даярдоо;
- Түркия Республикасынын жана башка өнүккөн мамлекеттердин демократия жана базар экономикасы боюнча тажрыйбаларын пайдаланып, Кыргыз Республикасында демократиялаштыруу жана базар экономикасына өтүү процесстеринин күчөтүлүшүнө көмөк көрсөтүү;
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерге (AR-GE), басма технологиясы жана маалыматтык технологияларга инвестиция жасоо аркылуу дүйнөлүк илимий эмгектердин санынын көбөйүшүнө жана дүйнөдөгү маалыматтардын жайылышына өз салымын кошуу;
- Түрк дүйнөсүнүн жаш муундарын улуттук баалуулуктарды сактаган, дүйнөлүк көз-караш жана баалуулуктарга ээ болгон инсандар катары тарбиялап өстүрүү, эл аралык коомчулук үчүн көрүнүктүү өкүлдөр катары даярдоо;
- Келечектеги муундарды ар кыл чөйрөдө мыкты жана өзүнө ишенген, ар нерсеге шыктуу, критикалык ой жүгүртө алган, үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүп турган коом менен жуурулушкан, жаратман, демократиялык коомдун эрежелерин сактаган, демилгелүү, тобокелчи, кызматташууга даяр, толеранттуу, эркин ой жүгүртө билген, чыгармачыл, изилдөөчү, искусствого болгон кызыгуусу күчтүү жана үйрөнүүгө умтулган инсандар катары тарбиялоо;
- Коомдук керектөөлөргө ылайык орто кесиптик билим берүү, бакалавриат жана

магистратура/докторантура программалары боюнча адистерди даярдоо, кесиптик жана индивидуалдык өнүгүүнү колдоо максатында кыска мөөнөттүү окутуу программаларын иштеп чыгуу жана/же ишке ашыруу.

**УНИВЕРСИТЕТТИН НЕГИЗГИ СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАРЫ**

- **Билим берүүдө эл аралык марка болуу;**
- **Тажрыйбалуу адистерди даярдоо;**
- **Маалыматтык-башкаруу системасын натыйжалуу пайдалануу;**
- **Болонья процессине шайкеш болуу;**
- **Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү байланыш жана өнүмдүү кызматташтык түзүү;**
- **Коомчулукка кызмат көрсөтүү;**
- **Окуу-тарбия иштериндеги ийкемдүүлүк;**
- **Күчтүү материалдык-техникалык база;**
- **Технологияга таянган билим берүү;**
- **Электрондук университет;**
- **Үзгүлтүксүз билим берүү;**
- **Өзгөрүүлөргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү;**
- **Практикалык билим жана технологияга багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер;**
- **Система, программа жана университетте аккредитация;**
- **Академиялык сапатта вертикалдуу өнүгүү;**
- **Өзүнө тарта турган илимий борборду түзүү;**
- **Эффективдүү жана жүзөгө ашырыла турган алмашуу программалары;**
- **Кампуста жашоо чөйрөлөрүн өнүктүрүү;**
- **Материалдык-техникалык базаны бекемдөө;**
- **Долбоорлордун негизинде өнүктүрүү иш-чаралары;**
- **Университетти таасирдүү таанытуу иш-чаралары.**

## ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ

- Университеттин билим берүү потенциалын рационалдуу түрдө пайдаланып өнүктүрүү, билим берүү жана таалим-тарбия, илимий изилдөөлөр жана аларды жарыялоо иштерин үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу, көзөмөлдөө жана контролдоо;
- Заманбап цивилизация жана билим берүү принциптерине таянган система ичинде, коом жана иш дүйнөсүнүн талаптары жана өнүгүү керектөөлөрү менен дүйнөлүк илимий көз карашка ылайык динамикалык процесстин ичинде орто кесиптик билим берүү, бакалавриат, магистратура жана докторантура программалары боюнча жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо, кесиптик жана индивидуалдык өнүгүү максатын көздөгөн кыска мөөнөттүү окутуу программаларын иштеп чыгуу же/жана ишке ашыруу, ар кыл деңгээлде билим берүү, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана аларды жарыялоо, кеңеш берүү;
- Өзүнүн адистик күчүн жана материалдык булактарын натыйжалуу, үнөмдүү жана рационалдуу түрдө колдонуп, улуттук билим берүү саясаты, өнүгүү пландары жана ЖОЖдор тарабынан иштелип чыккан план жана программалар боюнча мамлекеттерге керектүү тармактарда, зарыл санда адистерди даярдоо;
- Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн илимий, экономикалык, социалдык

жана маданий жактан өнүгүсүнө байланыштуу маселелерди чечүү, башка тийиштүү мекемелер менен кызматташтык ичинде билим берүү жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын коомдун пайдасына жумшоо, мамлекеттик жана жеке менчик ишканалары, өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан талап кылына турган анализ жана илимий изилдөөлөрдү жыйынтыктап, пикирлерди жана сунуштарды билдирүү;

- Кыргызстан жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн өнүгүү зарылчылыктарына жараша керектүү тажрыйбалуу адистерди даярдоодо алдыңкы орунду ээлөө, товар өндүрүү менен кызмат көрсөтүүдө сапатты жогорулата турган долбоорлорду иштеп чыгуу, программаларды даярдоо жана ишке ашыруу, тийиштүү мекеме жана уюмдар менен кызматташтыкты түзүү, экологиялык маселелерди чечүүчү сунуштарды берүү;
- Университеттин технологиялык базасын өркүндөтүү жана технологияларга таянган окутуу системасын өнүктүрүү;
- Билим берүү программаларынын ийкемдүү жана динамикалык процесстин ичинде өнүгүүсүн камсыздоо;
- Илимий изилдөө иштери, аларды өнүктүрүү, жарыялоо жана коомдун пайдасына жумшоо саясатын иштеп чыгуу;
- Профессордук-окутуучулук курамдан баштап, адам ресурстарын өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу;
- Материалдык-техникалык база жана технологиялык инфраструктуранын актуалдуулугу жана заманбаптыгы боюнча өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу.



## 2. УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

### МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

**Кыймылсыз мүлктөр**

| Имараттар | Пайдаланууга берилген жылы | Жалпы аянт (м²) |
|---|---|---|
| Башкы имарат | 1998 | 8.346,62 |
| 24 батирлүү кызматтык турак жай | 2000 | 2.638,00 |
| Орто кесиптик колледж | 2000 | 3.656,80 |
| Студенттик жатакана (В корпусу) | 2000 | 4.746,17 |
| Экономика жана башкаруу факультети | 2004 | 12.269,40 |
| Коммуникация факультети | 2004 | 10.868,30 |
| Студенттик жатакана (С корпусу) | 2010 | 1.432,30 |
| SPFB (Технология борборунун имараты) | 2012 | 1.145,20 |
| Кошумча административдик имараттар (5 даана) | 2012 | 1.595,60 |
| Түрк дүйнөсүнүн стратегиялык изилдөөлөр борбору | 2012 | 377,20 |
| Ден соолук борбору/Орто кесиптик колледж | 2012 | 962,70 |
| Ден соолук борбору | 2012 | 615,00 |
| Сатып алуу бөлүмү | 2012 | 284,40 |
| Коомдук тамактануу комплекси | 2012 | 4.655,20 |
| 61 батирлүү кызматтык турак жай | 2013 | 7.810,20 |
| Студенттик жатакана (А корпусу) | 2013 | 11.669,50 |
| Сатук Буура хан атындагы мечит | 2015 | 4.064,00 |
| Эски ветеринардык клиника | 2015 | 428,40 |
| Жабык спорт залы | 2015 | 3.489,70 |
| Студенттик кеңештин кеңселери | 2015 | 228,00 |
| Инженерия/Табигый илимдер факультеттери | 2015 | 8.666,70 |
| Ректорат | 2015 | 2.937,30 |
| Көркөм өнөр факультети | 2016 | 5.000,00 |
| Ветеринария факультети | 2016 | 4.545,60 |
| Теология факультети | 2017 | 3.513,20 |
| Чечинүү жана душ бөлмөлөрү (спорт залы) | 2017 | 220,00 |
| Ветеринария факультетинин анатомия лабораториясы | 2017 | 2.300,00 |
| Ветеринария факультетинин лабораториялары | 2017 | 2.715,80 |
| Айыл чарба факультети | 2017 | 7.749,00 |
| Түрк дүйнөсүнүн маектешүү жайы | 2018 | 384,40 |
| "Оба" чай бакчасы | 2021 | 1.228 |
| Салттуу спорт оюндары майданы | 2022 | 16.400 |
| Айыл чарба фак. окуу-өндүрүштүк базасы (күнөскана) | 2022 | 766,73 |
| Түрк дүйнөсүнүн ботаникалык бакчасы | 2023 | 25.400 |
| "Бешбармак" боз үйү | 2023 | 166,00 |
| Күрөш жана оор атлетика залы | 2024 | 429,4 |
| **Жалпы** | **163.704,82** | |

**Академиялык түзүмдөр**

| Окуу имараттары | Башкы имарат ($м^2$) | Ч. Айтматов атындагы кампус ($м^2$) | Жалпы аянт ($м^2$) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет/ Экономика жана башкаруу факультети | 0,00 | 3953,90 | 3953,90 |
| Табигый илимдер факультети | 0,00 | 1510,10 | 1510,10 |
| Көркөм өнөр факультети | 0,00 | 2751,19 | 2751,19 |
| Теология факультети | 0,00 | 1896,5 | 1896,5 |
| Коммуникация факультети | 0,00 | 3555,7 | 3555,7 |
| Инженерия факультети | 0,00 | 3365,08 | 3365,08 |
| Спорт илимдери факультети | 0,00 | 4592,48 | 4592,48 |
| Туризм факультети | 0,00 | 1391,8 | 1391,8 |
| Ветеринария факультети | 0,00 | 6076,38 | 6076,38 |
| Айыл чарба факультети | 0,00 | 3579,48 | 3579,48 |
| Орто кесиптик колледж | 0,00 | 3463,69 | 3463,69 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2940 | 0,00 | 2940 |
| Табигый илимдер институту | 0.00 | 163,2 | 163,2 |
| Коомдук илимдер институту | 0,00 | 154,4 | 154,4 |
| | **2940** | **36453,90** | **39393,90** |

**Социалдык багыттагы имараттар**

| | Саны (даана) | Сыйымдуулугу | $м^2$ |
|---|---|---|---|
| Окуу залдары | 7 | 741,5 | 500 |
| Китепкана жана окуу залдары | 6 | 1952,6 | 449 |
| Жыйын залдары | 15 | 776,3 | 406 |
| Конференц-залдар | 4 | 1.681,50 | 960 |
| **ЖАЛПЫ** | **32** | **5151,9** | **2315** |

**Академиялык кызматкерлердин ээлеген аянттар**

| | Саны (даана) | $м^2$ | Колдонуучулардын саны |
|---|---|---|---|
| **Кабинеттер** | **273** | **6680,7** | **368** |

## УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМ



## АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМДӨР

| **Гуманитардык факультет** |
|---|
| Батыш тилдери бөлүмү |
| Англис тили жана адабияты программасы |
| Чыгыш тилдери бөлүмү |
| Кытай тили жана адабияты программасы |
| Орус тили жана адабияты программасы |
| Педагогика бөлүмү |
| Психологиялык кеңеш жана көмөк программасы |
| Философия бөлүмү |
| Синхрондук котормо бөлүмү |
| (Кыргызча-англисче программасы) |
| (Түркчө-орусча программасы) |
| (Кыргызча-түркчө программасы) |
| Социология бөлүмү |
| Тарых бөлүмү |
| Түркология бөлүмү |
| **Табигый илимдер факультети** |
| Биология бөлүмү |
| Математика бөлүмү |
| Колдонмо математика жана информатика бөлүмү |
| **Көркөм өнөр факультети** |
| Графика бөлүмү |
| Живопись бөлүмү |
| Музыкалык өнөр бөлүмү |
| Театралдык өнөр бөлүмү |
| **Экономика жана башкаруу факультети** |
| Экономика бөлүмү |
| Менеджмент бөлүмү |
| Эл аралык мамилелер бөлүмү |
| Финансы жана банк иши бөлүмү |
| **Теология факультети** |
| Дин таануу бөлүмү |
| Ислам таануу бөлүмү |
| **Коммуникация факультети** |
| Журналистика бөлүмү |
| Коом менен байланыш жана жарнама бөлүмү |
| Телерадио жана кинематография бөлүмү |

| **Инженерия факультети** |
|---|
| Компьютердик инженерия бөлүмү |
| Экологиялык инженерия бөлүмү |
| Тамак-аш инженериясы бөлүмү |
| Химиялык инженерия бөлүмү |
| Электроника жана электр инженериясы бөлүмү |
| Өнөр жай инженериясы бөлүмү |
| **Ветеринария факультети** |
| Ветеринария |
| **Айыл чарба факультети** |
| Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү |
| Өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү |
| **Спорт илимдери факультети** |
| Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмү |
| Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмү |
| **Туризм факультети** |
| Туризм жана мейманкана иши бөлүмү |
| Саякат иши жана гид кызматы бөлүмү |
| Ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмү |
| **Медицина факультети** |
| Медицина факультети |
| **Чет тилдер жогорку мектеби** |
| Тил үйрөтүү бөлүмү |
| **Орто кесиптик колледж** |
| Офис менеджмент программасы |
| Мектепке чейинки билим берүү программасы |
| Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо программасы |
| Бухгалтердик эсеп программасы |
| Автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо программасы |
| Маркетинг программасы |
| Туризм жана мейманкана иши программасы |
| Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо программасы |
| Ширетүү өндүрүшү программасы |
| Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо |

| Магистратура программалары |
| --- |
| **ЖОЖдон кийинки билим берүү институту** |
| Компьютердик инженерия |
| Экологиялык инженерия |
| Тамак аш инженериясы |
| Химиялык инженерия |
| Математика |
| Биология |
| Биотехнология |
| Өсүмдүктөрдү коргоо |
| Мөмө жемиш жана талаа өсүмдүктөрү |
| Педагогика |
| Психологиялык кеңеш жана көмөк |
| Экономика |
| Журналистика |
| Менеджмент |
| Тарых |
| Археология жана социалдык антропология |
| Түркология |
| Эл аралык мамилелер |
| Синхрондук котормо |
| Философия |
| Ислам таануу |
| Туризм жана мейманкана иши |
| Социология |
| Англис тили жана адабияты |
| Дене тарбия жана спорт |
| Ресторан иши жана кулинардык өнөр |

| Докторантура программалары |
| --- |
| **ЖОЖдон кийинки билим берүү институту** |
| Компьютердик инженерия |
| Биология |
| Экологиялык инженерия |
| Тамак аш инженериясы |
| Химиялык инженерия |
| Математика |
| Педагогика |
| Экономика |
| Журналистика |
| Ислам таануу |
| Менеджмент |
| Социология |
| Тарых |
| Түркология |

# ФАКУЛЬТЕТТЕР

## ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ




### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### МИССИЯ

Факультетибиздин миссиясы – университет бир чатырдын астында бириктирген түрк дүйнөсүнүн жаштарын улуттук, руханий жана этикалык баалуулуктарды биринчи орунга койгон, илимий, көркөм өнөр жана маданий көрөңгөсү менен илимий мекемелерде, мамлекеттик жана жеке секторлордо ийгиликтүү иштей билген, өзүнө ишенген инсан катары калыптандыруу.

### КОНЦЕПЦИЯ

Билим берүү тармагында эл аралык марка катары окуу-тарбия, илимий изилдөө иштери жана коомго кызмат көрсөтүүлөрү менен түрк дүйнөсүнө жана адамзатка салым кошкон “эл аралык деңгээлде абройлуу жана таанылган факультет” болуу.

### МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

Кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү максат менен милдеттерибиз төмөнкүдөй:

Кыска мөөнөттүү максат жана милдеттер:

- Факультеттин профессордук-окутуучулук курамынын илимий басылмаларынын сандык жана сапаттык өсүшүн камсыз кылуу;
- Эл аралык деңгээлде жүзөгө ашырылган долбоорлор жана өткөрүлгөн конгресстер аркылуу окуу жайыбыздын дүйнөлүк университет болуу максатына көбүрөөк салым кошуу;
- Студенттердин ар кандай коомдук, маданий жана спорттук иш-чараларга катышуусун камсыздап, алардын мотивациясын жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасынан жана Түркия Республикасынан тышкары башка өлкөлөрдөн келген студенттердин санын арттыруу;
- Алмашуу программаларын сапаттык жана сандык жактан жакшыртуу аркылуу жигердүү ишке ашыруу.
- Академиялык кызматкерлерди жана студенттерди дүйнөгө таанымал окумуштуулар менен илимий иш-чаралардын алкагында жолугуштуруу.

Узак мөөнөттүү максат жана милдеттер:

Факультеттин ар кайсы бөлүмдөрүндө колдонулган окуу материалдарынын сапаттуу жана үнөмдүү болушун камсыз кылуу максатында бул материалдардын окутуучулар тарабынан даярдалышы үчүн зарыл иш-чараларды жүргүзүү.

Окутуучулардын кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү максатында квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу, билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

Университеттин эл аралык платформаларда таанылган университет болуусу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издөөнү улантуу.

Жакынкы арада жасалма интеллект боюнча окуу-тарбия иштерин күчөтүү.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

**Педагогика бөлүмү**

Биздин максат – билим берүү тармагында дүйнөгө белгилүү баалуулуктардын негизинде заманбап билим берүү теорияларын жана түрк коомчулуктарынын билим берүү маданиятын синтездей билген, билим берүүнүн жана окутуунун негизги маселелерин изилдеп, тактап, жыйынтыктай билген, орто жана жогорку окуу жайларында педагог, психологиялык кеңешчи жана көмөкчү кесибинин талаптарына жогорку деңгээлде жооп бере ала турган компетенттүү адистерди даярдоо. Студенттердин жөндөмдүүлүктөрүн, муктаждыктарын жана жетишкендиктерин өлчөө, баалоо жана аныктоо; билим берүү, окутуу жана өнүктүрүү маселелери боюнча билим берүүнүн кызыкдар тараптары болгон мугалимдерге, ата-энелерге, мектеп жетекчилерине жана коомго психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк көрсөтүү жөндөмүнө ээ адистерди даярдоо.

**Философия бөлүмү**

20-кылымдын акыркы чейрегинде СССРдин кулашы менен көптөгөн өлкөлөр эгемендүүлүгүн жарыялашкан. Бул өлкөлөрдүн бири – Кыргыз Республикасы. Эгемендүүлүктүн жарыяланышы менен ар бир мамлекеттин өзүнө тиешелүү көйгөйлөрү пайда болгон. Ар бир мамлекет туш болгон саясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүгө аракет кылган жана дагы деле чечүү жолдорун издөөнү улантууда. Социалдык жана саясий өзгөрүүлөр доордун шартына ылайык жаңы көз караштарды талап кылууда. Илимий-техникалык прогресс бардык коомдордо квалификациялуу жумушчу кадрларга болгон муктаждыкты арттырды жана өлкөлөр квалификациялуу кадрларды даярдоо үчүн билим берүү саясатын тынымсыз өркүндөтүүгө аракет кылып жатышат. Буга байланыштуу дагы бир маселе, бардык мамлекеттер өздөрүнүн билим берүү системасын, билим берүүнүн социалдык негиздерин, өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымын жана мугалимдерди даярдоо саясатын иликтеп, иштеп чыга башташты. Бул көйгөйлөрдүн баары болуп жаткан окуяларды туура талдай алган жаштар керек экенин көрсөтүп турат.

Философия бөлүмүнүн негизги максаты - эл аралык билим берүү стандартына ылайык иштелип чыккан окуу программаларынын негизинде дүйнөлүк философиянын тажрыйбасына таянган, түрк тектүү элдердин философиялык мурасын мыкты билген, коомдун заманбап маселелерин изилдей алган жаңы муундарды даярдоо жана тарбиялоо. Философия факультети студенттерге заманбап философиянын эң алдыңкы үлгүлөрү менен жакындан таанышуусуна, теориялык билимин практикада колдоно билүүсүнө, философияны кыргызча жана түркчө эң мыкты деңгээлде түшүнүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

**Филология бөлүмү**

2022-2023-окуу жылында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин гуманитардык факультетинде 2007-2008-окуу жылында ачылган “Англис тили жана адабияты”, “Кытай тили жана адабияты”, “Орус тили жана адабияты” программалары бир чатырдын астында биригип, Филология бөлүмү түзүлгөн. Филология бөлүмүнүн негизги максаты – англис, орус жана кытай тилдерин үйрөтүү, филология тармагында тил теориясы жана адабият таануу илими жаатында кеңири билимге ээ, тексттер менен иштей билген жана башкалар менен мамиле түзө билген

жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

Филология бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү өздөштүргөн билимдерин ишмердүүлүктүн ар түрдүү тармактарында колдоно алышат; илим жана билим берүү жаатында, жалпыга маалымдоо каражаттарында, мамлекеттик кызматта, туристтик жана котормо агенттиктеринде, ар кандай профилдеги жергиликтүү жана чет элдик компанияларда иштей алышат.

Бөлүмдүн окутуучулары көп жылдык тажрыйбага ээ жана эл аралык деңгээлде таанылган.

**Синхрондук котормо бөлүмү**

Өлкөлөр ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий байланыштар күн сайын өнүгүп жаткан учурда түрк-кыргыз, кыргыз-англис жана түрк-орус тилдеринде жазуу жана оозеки түрүндө которгонду билген, билимдүү, маданияттуу жана кесип талап кылган билим жана көндүмдөргө ээ синхрондук котормочуларга болгон муктаждыкты камсыз кылуу үчүн университетте үч түрдүү бакалавриат программасы ачылган. Бөлүмдүн максаты – Кыргызстандан, Түркиядан, түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүнөн жана башка өлкөлөрдөн келген студенттердин котормо тармагында билим алуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу менен түрдүү тармактарда котормо ишин аркалаган жана эл аралык байланыш иш-чараларына катыша алган жана маданияттар аралык байланышты камсыздай билген адистерди даярдоо.

Синхрондук котормо бөлүмү бүткүл дүйнөнүн жана түрк дүйнөсүнүн тажрыйбасын колдонуу менен билим берүүнү, өз маданиятын сыйлаган, маданий көп түрдүүлүктү урматтаган, башкалардын сезимдерин түшүнө билген, жалпы адамзаттык баалуулуктардын алкагында иштеген, өз өлкөсүнүн жана түрк дүйнөсүнүн өнүгүшүнө салым кошкон, түрк дүйнөсү менен башка маданияттар ортосунда маданияттар аралык байланышты камсыздай турган адистерди даярдоо максатын көздөйт. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү болгон котормочуларга тил, адабият, тарых, искусство, фольклор ж.б. тармактарда, ар кандай кызмат көрсөтүүлөрдө жана жеке сектордо күн сайын муктаждык өсүүдө. КТМУнун Синхрондук котормо бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү Кыргызстанда, Түркияда жана башка өлкөлөрдө мамлекеттик жана жеке мекемелерде, билим берүү борборлорунда, университеттерде жана орто мектептерде, элчиликтерде, тил үйрөтүү борборлорунда, котормо компанияларында, китепканаларда, жеке компанияларда, туристтик компанияларда ж.б. жерлерде иштей алышат. Алар дүйнөнүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрүндө, өзгөчө Азияда өз адистиктери боюнча түрдүү тармактарда иштешет.

**Социология бөлүмү**

Социология бөлүмү 2008-2009-окуу жылынан тарта даярдоо курсуна студенттерди кабыл ала баштаган. Ал эми 2016-окуу жылы магистратура программасына студенттерди кабыл алуу иштери башталган. 2021-2022-окуу жылынан тарта докторантура программасы ачылган.

Бүгүнкү күндө индустриализациянын, модернизациянын жана урбанизациянын натыйжасында адам менен коомдун күнүмдүк турмушунда, үрп-адаттарында, каада-салттарында жана коомдук мамилелеринде олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат жана бул өзгөрүүлөр коомдук түзүлүштүн, уюмдардын жана мамилелердин өзгөрүшүнө алып келет. Кайсы жерде өзгөрүү болбосун, оң жана терс социалдык жагдайлар пайда болушу мүмкүн. Бул өзгөрүүлөрдү түшүнүү жана баалоо үчүн социалдык изилдөөлөр жана аларды жүргүзүү үчүн квалификациялуу коомдук адистер керек. Биздин факультеттин максаты – бул адистерди жогорку деңгээлде даярдоо жана башка факультеттердин бүтүрүүчүлөрү менен атаандаша ала тургандай көндүм жана жөндөмдөрдү калыптандыруу.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин социология бөлүмүнүн маанилүү максаттарынын бири – бул баарыдан мурда өздөрү жашаган коомдун, Кыргызстандын, Түркиянын жана аймактын туш болгон социалдык көйгөйлөрдүн изилдеп, баа бере ала турган социология боюнча жаш адистерди даярдоону камсыз кылуу. Өзү жашаган коомду да, кылымды да аңдап түшүнүү менен

жергиликтүүдөн аймактыкка жана аймактыктан глобалдыкка чейин академиялык тармактарды ачуу жана көйгөйлөрдүн үстүндө иштей алган жаш эксперттерди даярдоо.

Буга жетишүү үчүн теориялык жактан гана эмес, талаа шарттарында изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн социологиялык изилдөөлөрдүн методдорун жана ыкмаларын жетиштүү түрдө өздөштүргөн, жергиликтүү жана дүйнөлүк горизонттор үчүн ачык жаш муундарды тарбиялоо зарыл. Ошондуктан SSPS сыяктуу компьютердик программаларды мыкты өздөштүргөн, түрк жана кыргыз тилдерин билген, башка тилдерди үйрөнүүгө аракет кылган студенттерди тарбиялоого кам көрүү керек.

**Тарых бөлүмү**

Тарых бөлүмү 1997-1998-окуу жылында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетинин курамында ачылган. Тарых бөлүмү Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин алгачкы ачылган бөлүмдөрүнүн бири катары Кыргызстандан, Түркиядан, башка түрк мамлекеттеринен жана боордош коомчулуктардан келген студенттерге билим берет. Факультеттин максаты - тарых жаатында билим алууну каалаган жаштарды салыштырма ыкманы жана заманбап технологияларды колдонуп, адамзат тарыхынын, өзгөчө түрк мамлекеттердин тарыхынын бардык мезгилдерин дүйнөлүк тарыхтын алкагында илимий негиздер менен изилдеп, талдоо жүргүзө ала турган адис катары даярдоо. Мындан тышкары, изилдөөнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыга турган, бакалавриат жана магистратура деңгээлинде тарых жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзө алган, архивдерде, китепканаларда жана тарых менен байланышкан ушул сыяктуу мекемелерде иштей алган адистерди даярдоо жана тарых мугалими болууну каалагандарга зарыл болгон билимдерди берүү максатын көздөйт. Тарых бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө өз адистиги боюнча гана эмес, башка кесиптерде да иштеп, өздөрү таандык болгон коомдорго кызмат көрсөтүп келишет. Түптөлгөндөн бери бөлүмдүн профессордук-окутуучулар курамын карай келсек, бөлүмдө өз тармагында тажрыйбалуу окутуучулар эмгектенишет. Бөлүмдүн негизги профессордук-окутуучулар курамын негизинен Кыргызстандын жана Түркиянын окутуучулары түзөт.

**Түркология бөлүмү**

Кыргыз-Түрк "Манас" университети 21-кылымдын цивилизациясынын лидерлерин даярдоо, Кыргызстандын, Түркиянын ж.б. түрк мамлекеттеринин жана коомчулуктарынын университет курагындагы жаштарын бир чатырдын астында чогултуп, аларды заманбап билим берүү стандарттарына ылайык окутуу максатында түзүлгөн эл аралык университет болуп саналат. Мына ушул мүдөөгө ылайык 1997-жылы гуманитардык факультетте түркология бөлүмү ачылган.

Түркология бөлүмү түркология тармагында, өзгөчө түрк диалектилери жана адабияты жаатында жогорку квалификациялуу мугалимдерди, түркология тармагында байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейин белгилүү болгон бардык жазма булактарды окуп, аларды колдоно билген адистерди, ошондой эле тарых, азыркы түрк диалектилери жаатында окумуштууларды даярдоо максатын көздөйт. Биздин бөлүмдүн максаты – түрк жана кыргыз тилинин жана адабиятынын дүйнөлүк тилдер менен адабияттардагы ордун аныктоо, алардын өзгөчөлүктөрүн, өнүгүшүн жана адабий чыгармаларын баалоо боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзө ала турган, бөлүмдө өздөштүргөн билимин жана тажрыйбасын билим берүү жана мамлекеттик мекемелерге өткөрүп бере алган кадрларды даярдоо.

Бүгүнкү күндө бүтүрүүчүлөр Кыргызстандын жана Түркиянын ар кыл окуу жайларында, тил үйрөтүү борборлорунда, котормо агенттиктеринде жана Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлигинде эмгектенишет. Алар бакалавр даражасын алгандан кийин Кыргызстанда же чет өлкөдө магистратура программасы боюнча билимин уланта алышат. Университетте окуу процесси Европалык кредиттерди которуу жана топтоо тутумунун (ECTS) негизинде ишке ашырылат.

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### МИССИЯ

• Иш чөйрөсүнүн жана илимий изилдөө мекемелеринин талаптарына ылайык жана эл аралык деңгээлде физика, химия, биология жана математика сабактарын мыкты билген, фундаменталдык илимдер боюнча адистешкен кадрларды даярдоо;

• Инженерия, экономика, менеджмент жана башка тармактарда математикалык ыкмаларды жана компьютердик технологияларды жакшы колдоно билген адистерди даярдоо;

• Биология тармагы боюнча кесиптик билими жана көндүмдөрү бар, экология, жалпы биология, генетика, молекулярдык биология, биохимия жана башка тармактар боюнча анализдөө, синтездөө жана долбоорлоо жөндөмдүүлүктөрүнө ээ, дисциплиналар аралык долбоорлордо иштей алган бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

### КОНЦЕПЦИЯ

• Университеттин стратегиялык планынына ылайык, сапат боюнча колдонмо жана башка ченемдик укуктук документтерде аныкталган негизги максаттарга жетүүгө салым кошуу;

• Илим жаатында табигый илимдер багыты боюнча билим берүүдө мыкты жетишкендиктерге жетишүү;

• Илимге жана технологияга салым кошуу жагынан жогорку стандарттарга ээ болуу.

### МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

• Факультеттин мүмкүнчүлүктөрүн рационалдуу колдонуу, окуу-тарбиялык, илимий изилдөө жана басма иштерин ырааттуу алып баруу, аларга байкоо жүргүзүү жана көзөмөлдөө;

• Университеттин материалдык ресурстарын натыйжалуу, үнөмдүү жана рационалдуу колдонуу менен улуттук билим берүү саясатына, өлкөнү өнүктүрүү пландарына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан пландарга жана программаларга ылайык өлкө талап кылган багыттарда жана көлөмдө кадрларды даярдоо.

• Өлкөнүн илимий, экономикалык, социалдык жана маданий жактан өнүгүүсүн, ошондой эле ал кездеше турган көйгөйлөрдү башка мекемелер менен биргелешип изилдөө, мамлекеттик уюмдарга сунуштарды берүү максатында окутуу жана илимий изилдөө иш-чараларын жүргүзүү,

изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын коом менен бөлүшүү жана мамлекеттик уюмдар талап кылган иликтөөлөрдү жана изилдөөлөрдү жыйынтыктоо менен пикирлерди жана сунуштарды билдирүү.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

- Математика, колдонмо математика жана информатика багыттары боюнча бакалавр даражасында билим берүү;
- Биология багыты боюнча бакалавр даражасында билим берүү;

Университеттин башка академиялык түзүмдөрүндө математика, физика жана жалпы биология боюнча факультативдик сабактарды окутуу;

- Математика, информатика, биология жана башка табигый илимдер боюнча дисциплиналар аралык долбоорлорду жүргүзүү;
- Табигый илимдер жаатында улуттук жана эл аралык деңгээлде илимий иш-чараларды уюштуруу;
- Кыргызстан жана Түркия Республикасынын ар кыл билим берүү жана илимий изилдөө мекемелери менен кызматташуу жана эки өлкөгө бирдей кызмат көрсөтүү.

**Биология бөлүмү**

2024-2025-окуу жылында биология бөлүмүн 21 студент бүтүргөн. 2024-2025-окуу жылынын аягын кошо эсептегенде, бөлүмдө бардыгы болуп 77 студент билим алууда. Бөлүмдө эки профессор, үч доцент, бир PhD даражасы бар адис, бир кенже илимий кызматкер, жарым ставкада 2 жана саатына айлык акы алуу менен иштеген 3 окутуучу бар. Бөлүмдө инженерия, айыл чарба жана ветеринария бөлүмдөрүнүн айрым сабактары өткөрүлөт. Бөлүмдүн башчысы болуп доц. Кадырбай Чекиров иштейт.

**Математика бөлүмү**

2012-жылдан тарта студенттерди кабыл ала баштаган математика бөлүмү 2024-2025-окуу жылында 18 студентти уясынан учурган. 2024-2025-окуу жылынын аягында бөлүмдө бардыгы болуп 80 студент билим алууда. 2024-2025-окуу жылында бөлүмдө толук ставкада 1 профессор, 3 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу жана 1 адис; күзгү семестрде жарым ставкада 10 жана саатына айлык акы алуу менен иштеген 3, жазгы семестрде жарым ставкада 6 жана саатына айлык акы алуу менен иштеген 1 окутуучу бар. Бөлүм тарабынан университеттин башка факультеттеринде математика жана физика боюнча факультативдик сабактар окутулат. Бөлүмдүн башчысы болуп проф. Мухаммет Камали иштейт.

**Колдонмо математика жана информатика бөлүмү**

2024-2025-окуу жылында бөлүмдү 12 студент бүтүргөн. 2024-2025-окуу жылынын аягын кошо эсептегенде, бөлүмдө 126 студент билим алууда. Бөлүмдө 20 кишиге ылайыкташкан компьютердик лаборатория бар. 2024-2025-окуу жылында бөлүмдө толук ставкада 3 профессор, 1 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу, 1 адис; күзгү семестрде жарым ставкада 2 жана саатына айлык акы алуу менен иштеген 2, жазгы семестрде 2 жарым ставкалуу жана 2 саатына айлык акы алуу менен окутуучу иштеген. Бөлүмдү проф. Эржан Челик жетектейт.

## КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети заманбап көркөм өнөр түшүнүгүн салттуу эстетика менен айкалыштырган, дүйнөлүк деңгээлде чыгармачыл инсандарды даярдоо максатын көздөгөн академиялык түзүм болуп саналат. Факультет Кыргызстан жана Түркия үчүн гана эмес, ошондой эле түрк дүйнөсү жана дүйнөлүк көркөм өнөр чөйрөлөрү үчүн да өзгөчө, сапаттуу жана тажрыйбалуу өнөр адамдарын даярдоо миссиясын өзүнө алган. Ушуга ылайык, теориялык билимди практикалык тажрыйба менен айкалыштырган ар тараптуу окутуу модели кабыл алынган.

Башында факультетте живопись, графика, керамика, скульптура, сүрөт, ландшафттык дизайн жана айлана-чөйрөнүн дизайны бөлүмдөрүн ачуу пландаштырылган. 2009-2010-окуу жылынан тарта живопись жана графика бөлүмдөрүнө өзгөчө жөндөмдүүлүк сынагы аркылуу студенттер кабыл алынып, сабактар окутула баштаган. Кийинчерээк ага университеттин консерваториясы кошулган. Учурда живопись, графика, музыкалык өнөр жана театралдык өнөр багыттары боюнча окуу-тарбиялык иштерин улантып келүүдө.

Көркөм өнөр факультети Кыргызстандан, Түркиядан жана башка түрк мамлекеттеринен келген студенттерге көп улуттуу билим берүү чөйрөсүн сунуш кылат. Факультеттин даярдоо курсунда студенттер түрк жана кыргыз тилдерин үйрөнүп, маданий жана академиялык жактан эки тилдүү компетенттүүлүккө ээ болушат. Ал эми бакалавр деңгээлинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин макулдугу менен бекитилген сегиз семестрдик билим берүү программасы ишке ашырылат.

Окуу планы Кыргызстан жана Түркиядагы көркөм өнөр факультеттеринин окуу планына шайкеш түзүлүп, окуу программалары жергиликтүү жана эл аралык билим берүү нормаларына ылайык келет. Болонья процесси менен интеграцияланган бул программалардын аркасында студенттер Түркиядагы жана Европадагы жогорку окуу жайларына горизонталдуу которула алышат, ошону менен көп маданияттуу жана дисциплиналар аралык академиялык мобилдүүлүк колдоого алынат. Мындан тышкары, өлкөлөр аралык кызматташтык келишимдеринин алкагында студенттер өздөрүнүн көркөм өнөр жана академиялык карьераларын ар кандай аймактарда улантууга шарт алышат.

Факультеттин административдик түзүмү декандан, факультеттин катчысынан жана

декандын катчысынан турат, ал эми академиялык түзүмү графика, живопись, музыкалык өнөр жана театралдык өнөр бөлүмдөрүнүн башчыларынан турат. Факультеттин академиялык курамын Түркия Республикасынын университеттери тарабынан дайындалган окутуучулар жана Кыргызстанда келишимдин негизде жумушка алынган окутуучулар түзөт. Бул эл аралык академиялык түзүм ар кандай маданий жана көркөм өнөр перспективаларынын биригишине шарт түзүп, студенттердин дүйнөлүк көркөм өнөр концепциясына ээ болушун колдойт.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети көркөм өнөрдүн өзгөртүүчү күчүнө ишенген инсандарды академиялык, интеллектуалдык жана этикалык баалуулуктар менен тааныштырып, келечекте көркөм өнөр дүйнөсүндө активдүү жана өзгөчө ролдорду ойной ала турган компетенттүү өнөр адамдарын даярдоого умтулат. Ушуга байланыштуу факультет жөн гана академиялык түзүм эмес, ошондой эле маданий өз ара аракеттенүүнүн жана чыгармачыл өндүрүүнүн борбору болуу жолунда ишенимдүү кадамдарды таштоодо.

**МИССИЯ**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети бай маданий жана көркөм өнөр мурасына ээ түрк дүйнөсүнүн эстетикалык, интеллектуалдык жана чыгармачыл потенциалын заманбап билим берүү менен айкалыштырып, көркөм өнөрдүн инсан менен коомдун жашоосунда өзгөртүүчү күч катары өздөштүрүлүшүн камсыз кылууну өзүнүн миссиясы катары кабыл алган.

Факультеттин негизги максаты техникалык билимге жана көндүмдөргө ээ өнөр адамдарын гана эмес, ошол эле учурда көркөм өнөрдү ой жүгүртүү ыкмасы, өзүнүн оюн билдирүү каражаты жана коомдук өз ара аракеттенүү аянтчасы катары көрө билген; этикалык баалуулуктарга сезимтал, чыгармачыл жана суроо берүүгө жөндөмдүү инсандарды даярдоо болуп саналат. Буга ылайык, студенттердин жеке жөндөмдүүлүктөрүн маданий тажрыйбасы менен айкалыштырып, алардын жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде таасирдүү көркөм өнөр чыгармаларын жаратуусуна колдоо көрсөтүлөт.

Көркөм өнөр факультети маданий көп түрдүүлүгү жана тарыхый байлыгы менен айырмаланган түрк дүйнөсүнүн көркөм өнөр жаатындагы керектөөлөрүн канааттандыра алган, бул муктаждыктарды заманбап эстетикалык түшүнүктөр менен чечмелей билген инсандарды даярдоо максатын көздөйт. Көркөм өнөр жаатында билим берүү процесси оригиналдуулук, чыгармачылык жана көп кырдуу ой жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүргөн, дисциплиналар аралык ыкма менен түзүлгөн окуу чөйрөсүндө жүргүзүлөт.

Биздин факультет студенттердин жөн гана көркөм өнөр чыгармаларын жаратуусу менен эле чектелбестен, алардын ошол чыгармаларды коом менен айкалыштырып, маданий аң-сезимди ойготуусу, көркөм өнөрдү күнүмдүк жашоого алып келүүсү жана көркөм ой жүгүртүүнү жайылтуусу аркылуу да коомго салым кошо ала турган инсандар болуусун көздөйт. Көркөм өнөрдүн эстетикалык, социалдык жана этикалык аспектилерин өздөштүргөн бүтүрүүчүлөрүбүз тарбиялоочу, багыт берүүчү жана өзгөртүүчү ролдору менен жөн гана өнөр адамдары эмес, ошол эле учурда маданий лидерлер жана чыгармачыл ой жүгүртүүнүн алып жүрүүчүлөрү катары тарбияланышат.

Ушул миссиянын алкагында көркөм өнөр факультети маданий мурасты заманбап чечмелөөлөр менен кайра жараткан, түрк жана дүйнөлүк көркөм өнөргө өзгөчө салым кошкон, көркөм өнөрдү жашоо образы катары кабыл алган окутуучуларды, дизайнерлерди жана заманбап көркөм өнөр өкүлдөрүн даярдоо жоопкерчилигин чечкиндүүлүк менен улантууда.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети университеттин концепциясына ылайык, түрк дүйнөсүнүн тамыры терең окуу-тарбиялык жана маданий мурастарын заманбап көркөм өнөр түшүнүгү менен айкалыштырган, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ачык, жаңычыл жана коомдук жоопкерчилик сезими жогору инсандарды даярдоо максатын көздөйт.

Факультет түрк мамлекеттеринен жана коомчулуктарынан келген жаштардын биргелешип билим алуу процессин колдоо аркылуу орток маданий аң-сезимди жана кызматташтык платформасын түзүүнү, маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү көркөм чыгармачылык аркылуу күчөтүүнү көздөйт. Буга ылайык, көркөм өнөрдү өзүнүн пикирин билдирүү чөйрөсү катары гана эмес, ошол эле учурда коомдук өнүгүүнүн, маданий туруктуулуктун жана тынчтык мамиленин негизги элементтеринин бири катары баалайт.

Көркөм өнөр факультети өзү жайгашкан аймактын маданий жана стратегиялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен Батышта өнүккөн заманбап көркөм өнөр жана дизайн ыкмаларын Орто Азиянын бай тарыхый жана маданий мурасы менен айкалыштырууну көздөйт. Бул ыкма көркөм чыгармачылыкты гана эмес, ошондой эле адамзаттын жалпы эстетикалык жана этикалык баалуулуктарына салым кошкон чыгармачыл чечимдерди да камтыйт.

Факультет дисциплиналар аралык мамиле менен даярдалган окуу программалары, изилдөө иш-чаралары жана эл аралык кызматташтык аркылуу түрк дүйнөсүнүн маданий жана көркөм өнөр жактан кайра жаралуусуна, б.а. заманбап Ренессанска салым кошуу максатын көздөйт. Бул багытта студенттерди жөн гана кесиптик жактан компетенттүү инсан катары эмес, ошондой эле глобалдык деңгээлде ой жүгүртө алган, маданияттар аралык диалог түзө алган жана көркөм өнөрдү коом менен айкалыштыра алган көрөгөч өнөр адамдары катары даярдоого чечкиндүүбүз.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети келечектин көркөм өнөрүн калыптандыра турган инсандардын жардамы менен маданиятты, билимди жана эстетиканы борборго алган цивилизациялык түшүнүктү түзүүгө салым кошууну улантууда.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультетинин бул жааттагы билим берүүгө карата негизги мамилеси — студенттердин чыгармачылык потенциалын системалуу түрдө ачып, аны билим, билгичтик жана көркөм туюму менен айкалыштыруу болуп саналат. Көркөм өнөр жаатында билим берүү процессиндеги максат — студентти техникалык жактан гана даярдоо эмес, ошол эле учурда аларды көркөм сезимталдыгын өнүктүрүп, ой жүгүртүүсү терең, изилдөө жана суроо берүү көндүмдөрүн натыйжалуу колдоно алган инсан катары тарбиялоо болуп саналат. Ушуга ылайык, студент-өнөр адамы талапкеринин чыгармачылык процесси илимий ыкмалар менен колдоого алынат, маданий аң-сезими арттырылат жана көркөм өнөрдү ой жүгүртүү ыкмасы катары өздөштүрүүсү максат кылынат.

Факультеттин окуу процесси заманбап көркөм өнөр практикасын жана илимий изилдөө ыкмаларын камтыган дисциплиналар аралык перспектива менен түзүлгөн. Студенттердин көркөм чыгармачылыгын коомдук контекстте баалай билүүсү, көркөм өнөр аркылуу коомдук сезимталдык жана жоопкерчилик сезимдерин өнүктүрүүсү билим берүүнүн негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Буга байланыштуу көркөм өнөр эстетикалык көрүнүш катары гана эмес, ошондой эле коомдук өзгөрүүлөрдүн жана трансформациянын натыйжалуу куралы катары каралат.

Факультеттин миссиясы - Түркиянын, Кыргызстандын жана түрк дүйнөсүнүн маданий мурасын адамзаттык көркөм өнөр баалуулуктары менен айкалыштырып, чыгармачыл, жаңычыл жана сынчыл ой жүгүртө алган өнөр адамдарын даярдоо. Студенттерге берилген эстетикалык

аң-сезим, техникалык даярдык жана интеллектуалдык базанын аркасында инсандардын чыгармачыл гана эмес, ошондой эле маданиятты алып жүрүүчү жана чечмелөөчү инсандык сапаттарга ээ болушу максат кылынат.

Буга байланыштуу факультеттин курамындагы бөлүмдөр биринчи кезекте түрк мамлекеттери менен түрк жана боордош коомчулуктарынан келген студенттер үчүн көркөм өнөр жаатындагы билим берүүнүн туруктуулугуна ишенген жана көркөм өнөрдү жашоосунун борборуна койгон инсандардын биргелешип билим ала турган, жалпы маданий жана көркөм аң-сезимди өнүктүрө ала турган окуу чөйрөсүн сунуштайт.

Билим берүү программаларыбыз студенттердин көркөм чыгармачылыгын өзүн билдирүү формасы катары гана эмес, ошондой эле коомдук жоопкерчилик менен интеграциялоого мүмкүндүк бере тургандай кылып иштелип чыккан. Максат — көркөм чыгармачылыкта маданий булактарды туура окуй алган, аларды оригиналдуу эстетикалык ыкмалар менен чечмелей алган, жергиликтүү деңгээлден дүйнөлүк деңгээлге чыгууга жөндөмдүү өнөр адамдарын, мугалимдерин жана теориячыларын даярдоо болуп саналат.

Даярдалган окуу планынын алкагында студенттердин Түркия менен Кыргызстандын маданий мурастарына таянып, түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктарын өздөштүрүүсү, бул баалуулуктарды заманбап көркөм өнөр тилине которуусу жана эл аралык көркөм өнөр чөйрөсүндө өз ордун таба ала турган концепцияга ээ болуусу негизги максаттардын катарына кирет. Факультет ушул максатты эске алуу менен көркөм өнөрдү да, өнөр адамдарын да маданий туруктуулуктун жана модернизациянын алып жүрүүчүсү катары көрөт.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин көркөм өнөр факультети академиялык жана көркөм өнөр жаатында билим берүү менен гана чектелбестен, коомдук жоопкерчиликти өзөгүнө алган, инклюзивдүү жана туруктуу жогорку билим берүү түшүнүгүнүн алкагында иш алып барат. Факультет графика, живопись, музыка жана театралдык өнөр деген төрт бакалавр программасы аркылуу заманбап билим берүү ыкмаларын маданий мурас менен айкалыштырган көп кырдуу окутуу моделин иштеп чыккан. Бул программалар өнүккөн өлкөлөрдөгү көркөм өнөр жаатында билим берүү мекемелеринин программаларына шайкеш келет жана өзгөрүп жаткан дүйнө шарттарына тез ыңгайлаша ала турган ийкемдүүлүккө ээ.

Көркөм өнөр жана билим берүүгө негизделген иш-чаралар

Факультет студенттердин академиялык өнүгүүсүнөн тышкары, маданий жана көркөм чыгармачылык процесстерге активдүү катышуусун колдойт. Буга ылайык:

Улуттук жана эл аралык көркөм өнөр көргөзмөлөрү, концерттер, театр коюлмалары жана перформанс сыяктуу иш-чаралар уюштурулат;

"Графикалык дизайн жана иллюстрация көргөзмөлөрү" сыяктуу тематикалык иштер аркылуу студенттердин чыгармачылыгы шыктандырылат;

Конференциялар, панелдер, семинарлар жана тренингдер аркылуу студенттердин изилдөө, талкуулоо жана өз оюн билдирүү көндүмдөрү өркүндөтүлөт;

Көркөм өнөр фестивалдарына, конкурстарга жана маданий кызматташтыктарга активдүү катышуу факультеттин көрүнүктүүлүгүн арттырат.

Коомдук жоопкерчилик жана университетти таанытуу

Факультет көркөм өнөрдүн өзгөрткүч күчүн коом менен айкалыштыруу максатында көптөгөн социалдык жоопкерчилик долбоорлорун иштеп чыгууда. Бул багытта, биринчи кезекте жетим балдар жана социалдык-экономикалык жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар сыяктуу

коомдук колдоого муктаж топтор менен интеграцияланган атайын иш-чаралар жүргүзүлөт:

Жетим балдар үчүн атайын концерттер, театр коюлмалары жана мастер-класстар уюштурулуп, алардын маданий жашоого катышуусуна колдоо көрсөтүлөт;

Бул балдар университеттин кампусуна чакырылып, аларга факультеттин бөлүмдөрү таанытылат жана көркөм өнөр тармагына кызыгууну ойгото турган багыт берилет;

Иш-чаралардын алкагында балдарга белектер, көркөм өнөргө тиешелүү материалдар жана символикалык көркөм өнөр чыгармалары берилип, маалымдуулук сезими өнүктүрүлөт.

Мындан тышкары, муктаж студенттер үчүн стипендия берүү жана колдоо көрсөтүү механизмдери түзүлүп, социалдык адилеттүүлүк принцибине ылайык билим алуу укугу күчөтүлүүдө. Факультет мындай демилгелерди жөн гана жеке жардам катары гана эмес, көркөм өнөр жаатында билим берүүнүн этикалык жана коомдук жоопкерчилик өлчөмүнүн зарылдыгы катары карайт.

Туруктуулук жана маданий мурастарды коргоо

Факультет көркөм чыграмачылыкты туруктуулук принциптеринин негизинде пландаштырып, айлана-чөйрөгө болгон сезимталдыгы жогору долбоорлорду иштеп чыгууда. Бул

Буга ылайык:

Кайра иштетилүүчү материалдар менен көркөм өнөр чыгармаларын жаратуу;

Жаратылыш темасында көркөм өнөр маалымдуулугун жогорулатуу кампанияларын уюштуруу;

Айлана-чөйрө аң-сезимин өнүктүргөн коомчулукка негизделген көркөм иш-чаралар сыяктуу иш-аракеттер аркылуу көркөм өнөрдүн экологиялык сезимталдуулукту калыптандыруу мүмкүнчүлүгү баса белгиленет.

Билим берүүдө инклюзивдүүлүк жана маданий тилектештик

Факультет түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүнөн жана ар кандай географиялардан келген студенттер үчүн көп маданияттуу билим алуу чөйрөсүн түзүп, билим берүүдө мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин колдойт. Бакалавриат программаларына студенттерди кабыл алуу иши Кыргызстандын жана Түркиянын борборлоштурулган кирүү сынактары, ошондой эле өзгөчө жөндөмдүүлүк сынактары жана түрк дүйнөсү үчүн бөлүнгөн квоталар аркылуу жүзөгө ашырылат. Окууну бүтүргөн студенттер өздөрүнүн адистиги боюнча бакалавр деңгээлиндеги диплом алышат жана зарыл процессти бүтүргөндөн кийин мугалимдик сертификат алууга укуктуу болушат.

Факультеттин бакалавриат программаларын өздөштүрүп бүтүргөн студенттер университеттин ичинде ар кандай багыттар боюнча магистратура программаларында окуй алышат, ошондой эле Түркия, Кыргызстан, Орусия жана Орто Азия өлкөлөрүндөгү магистратура программаларына да тапшыра алышат. Мындан тышкары, Түркиянын стипендиялык магистратура программаларынан да пайдалана алышат. Ошондой эле студенттерибиздин стажировка программаларынан жана Мевлана, Орхун алмашуу программаларынан пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрү бар.

## ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ




### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин экономика жана башкаруу факультети 1996-жылдын 6-августунда № 22719 “Resmi Gazete” гезитинде жарыяланган № 96/8350 “Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган Кыргызстандын борбору - Бишкек шаарында “Кыргыз-Түрк "Манас" университетин куруу тууралуу келишимдин" негизинде 1997-1998-окуу жылында билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзө баштап, 2001-2002-окуу жылында алгачкы бүтүрүүчүлөрүн чыгарган. Факультет экономика, менеджмент, эл аралык мамилелер бөлүмдөрүнөн, финансы жана банк иши программасынан турат. Эл аралык мамилелер бөлүмүндө, финансы жана банк иши программасында бир жылдык англис тили боюнча даярдоо курсу окутулуп, сабактардын 30%ы англис тилинде жүргүзүлөт. Ал эми экономика жана менеджмент бөлүмдөрүндө сабактардын 30%ы 2024-2025-окуу жылынан тарта англис тилинде жүргүзүлө баштады.

### МИССИЯ

Биздин миссиябыз — факультетти заманбап, универсалдуу, динамикалуу, жаңычыл, чыгармачыл, ар дайым чындыкты жана кооздукту издеген түзүмгө айландыруу; каржылык, интеллектуалдык, адамдык жана экологиялык капиталды жарата ала турган ишкер, өз тармагында заманбап билимдерге ээ болгон, билимин технология менен шайкеш келтирип, рационалдуу колдоно алган, келечек дүйнөсүнүн генетикалык коддорун тапкан, улуттук идентүүлүгүн жалпы адамзаттык баалуулуктарга ачык кылып өнүктүргөн инсандарды даярдоо; ошондой эле экономика, бизнес, каржы, эл аралык мамилелер тармактарында “Манас” университетинин концепциясын эске алып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, илимий адабиятка салым кошуу болуп саналат.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Өз тармагында таанылган окутуучулар менен улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштырган, идеяларды жараткан, көйгөйлөрдү илимий ыкмалар жана инновациялык жолдор менен чечкен, өнүгүп жаткан технологиядан артта калбаган, адамзаттын жыргалчылыгы жана бактысы үчүн күч-аракет жумшаган, адамдын жашоосуна жана айлана-чөйрөгө кам көргөн, ачык-айкындуулукка басым жасаган, эркин ой жүгүрткөн, адамгерчилиги бийик, абийири таза муундарды даярдоо максатын көздөйт.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Максаты - экономикалык системалардын динамикасын түшүнө билген, аналитикалык ой жүгүрткөн жана синтездөө ыкмасы менен көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү, улуттук, аймактык жана эл аралык деңгээлде коомдун башкаруучулук касиетине ээ жогорку квалификациялуу кадрларга болгон муктаждыгын канааттандырган адистерди даярдап, Кыргызстандын эмгек рыногуна, бюрократиялык жана башкаруучулук процесстерге салым кошуу.

Өнүгүп жана өзгөрүп жаткан доордун муктаждыктарына жооп бере алган бакалаврларды, магистранттарды жана докторанттарды даярдоо.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

Окуу процессинде ишкердик шыгы жогору болгон айрым бүтүрүүчүлөрүбүз Кыргызстанда жана Түркияда жеке же биргелешип ачкан ишканалар аркылуу иш чөйрөсүнө кадам таштexistsат.
Бүтүрүүчүлөр жалпысынан Улуттук банк, Казына, Экономика жана Финансы министрликтери сыяктуу мамлекеттик мекемелерде жана жеке сектордо, фондулук биржа, капитал рыноктору сыяктуу мамлекеттик жана жеке уюмдарда иштешет. Бул уюмдарда алар жетекчи, маркетолог, бухгалтер, камсыздандыруучу, банкир, финансылык кеңешчи, инвестиция жана финансы боюнча адис, аналитик сыяктуу кызматтарда ар түрдүү башкаруу орундарын ээлешет.

2024-2025-окуу жылында экономика бөлүмү 27, финансы жана банк иши программасы 27, менеджмент бөлүмү 29, эл аралык мамилелер бөлүмү 15 бүтүрүүчүнү чыгарган.

**Экономика бөлүмү**

Экономика бөлүмүнүн студенттери окууну аяктаганга чейин кеминде бир ай өндүрүштүк практикадан өтүүгө тийиш. Студенттер Кыргызстандын жана Түркиянын эң алдыңкы мекемелеринде жана уюмдарында стажировкадан өтүшөт. Факультетти бүтүрүп чыккан студенттер теориялык билимдерин практикада колдонууга, иш тажрыйбасына ээ болууга, андан кийин иштөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

Жыл сайын атайын сынактын жыйынтыгы боюнча тандалып алынган бөлүмдүн ийгиликтүү студенттери Түркиянын Финансы министрлиги, Түркия Республикасынын Борбордук банкы, Түркиянын Палаталар жана товардык биржалар биримдиги (TOBB), Стамбул фондулук биржасы, Halkbank, Түрк стандарттар институту (TSE), "Zorlu Holding" акционердик коому, Экспортту өнүктүрүү боюнча окуу борбору (IGEME), Ziraatbank, TEKFEN, Стамбул алтын биржасы сыяктуу белгилүү мамлекеттик жана жеке уюмдарда стажировкадан өтүшөт. Мындан тышкары, башка студенттерге да Кыргызстандын мамлекеттик жана жеке секторлорунда стажировкадан өтүү үчүн колдоо көрсөтүлөт. Кыргызстанда студенттер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Борбордук банкы, Kyrgyz Consept компаниясы, Доскредобанк, Истикбаль, Аман Банк, Кыргыз фондулук биржасы, Нур Мебель, Кыргыз Алтын, Демир Банк, Инексим Банк сыяктуу мекемелерде практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Окуу процессинде ишкердик шыгы жогору болгон айрым бүтүрүүчүлөрүбүз Кыргызстанда

жана Түркияда жеке же биргелешип ачкан ишканалар аркылуу иш чөйрөсүнө кадам ташташат. Бүтүрүүчүлөр жалпысынан Улуттук банк, Казына, Экономика жана Финансы министрликтери сыяктуу мамлекеттик мекемелерде жана жеке сектордо, фондулук биржа, капитал рыноктору сыяктуу мамлекеттик жана жеке уюмдарда иштешет. Бул уюмдарда алар жетекчи, маркетолог, бухгалтер, камсыздандыруучу, банкир, финансылык кеңешчи, инвестиция жана финансы боюнча адис, аналитик сыяктуу кызматтарда ар түрдүү башкаруу орундарын ээлешет. Бүтүрүүчүлөр Борбордук банк, Казына, Финансы министрлиги сыяктуу мамлекеттик мекемелерде, ошондой эле биржа, капитал рыногу жана ушул сыяктуу мекемелерде жеке сектордо иштешет.  Мындан тышкары, алар жеке ишкер, камсыздандыруучу, банкир, финансылык кеңешчи, инвестиция жана финансы боюнча адис, инспектор, финансылык аналитик, иш чөйрөсүнүн ар кандай тармактарында ишкер жана кеңешчи, статистикачы, изилдөөчү, окумуштуу жана мугалимдер катары иштешет.

**Менеджмент бөлүмү**

Менеджмент бөлүмү бүтүрүүчүлөрүн ишкердик жөндөмү өнүккөн, өз ишин ачууга каалоосу бар, Кыргызстандын, Түркиянын, Борбордук Азиянын жана башка өлкөлөрдүн ишканаларынын ар кандай түзүмдөрүндө кесипкөй жетекчи катары иштөө үчүн зарыл билимге жана көндүмдөргө ээ, тынымсыз өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулган, өз алдынча үйрөнө алган жана алган билимдерин практикада колдоно билген, өсүп жетилген жана өнүккөн инсан катары тарбиялоо жана окутуу максатын көздөйт.

Менеджмент бөлүмүнүн максаты - маалыматты башкара билген, учурдагы көйгөйлөрдү чечип, чечим кабыл ала алган, баарлашканды билген, этикалык баалуулуктарды карманган, жаңычылдыктарга жана өзүн-өзү жаңылоого ачык, технологияларды колдонууга жөндөмдүү студенттерди даярдоо. Ошондой эле менеджмент багыты боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, алынган натыйжалар менен бөлүшкөн жана аларды технологияга айландырган, коомдук жана тармактык милдеттерди аткара турган долбоорлорду иштеп чыккан жана ишке ашырган, коомго ыңгайлаша билген, атаандаштыкка туруктуу, жаңычыл, келечекке пайдалуу чечимдерди кабыл ала билип, аларды ишке ашыра алган студенттерди даярдоо үчүн окуу программасын ишке ашыруу максатын көздөйт.

**Эл аралык мамилелер бөлүмү**

Эл аралык мамилелер бөлүмүнүн студенттерине бакалавр жана магистр даражасына ээ адистерден көп катмарлуу мамилелердин тармагы жана дүйнөлүк саясат жөнүндө негизги маалыматтарды билүү жана баалоо, ошондой эле уюштурулган илимий иш-чаралар аркылуу ааламдашуу мезгилиндеги эл аралык мамилелердин улуттук, аймактык жана жалпы адамзаттык өлчөмдөрүнүн өнүгүү динамикасын жана актуалдуу окуяларды изилдеп талдай билүү мүмкүнчүлүгү берилет. Ошондуктан эл аралык мамилелер бөлүмүнүн студенттери алган билимдерин өлкөнүн жана коомдун өнүгүүсү үчүн колдоно алышат деп ишенебиз.

**Финансы жана банк иши бөлүмү**

Финансы жана банк иши бөлүмү келечектеги ишкерлерди, финансы жана банк иши тармагындагы адистерди жана окумуштууларды даярдайт. 2012-жылы ачылып, күчтүү профессордук-окутуучулар курамы менен бакалавриат даражасында жогорку билим берип келет. Академиялык жана өндүрүштүк тажрыйбасы бар окутуучуларыбыз заманбап жаңычыл окутуу ыкмалары менен практикалык жана теориялык билимдерди айкалыштырып, сапаттуу билим беришет.  Студенттер эл аралык изилдөөчүлөрдүн жана өнөр жай адистеринин тажрыйбасынан

пайдалана алышын камсыз кылуу үчүн семинарлар уюштурулат. Финансы жана банк иши программасы Кыргызстандын жана Түркиянын жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулар курамынын салымы менен өз ишмердүүлүгүн улантып келет. Окуу-тарбия иштери менен катар илимий изилдөөлөргө өзгөчө маани берилип, колдоо көрсөтүлөт. Студенттер Мевлана алмашуу программасы аркылуу Түркиянын ар кайсы университеттеринде окуп келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кирүү сынагы боюнча эң жогорку балл алган студенттер финансы жана банк иши программасын тандашат. Биздин бөлүм - Кыргызстанда жана Орто Азиядагы түрк мамлекеттеринде эң көп тандалган бөлүмдөрдүн бири. Бөлүмдүн студенттери өз аймагында эң мыкты болуу жолунда бараткан Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ири жана өнүккөн кампусунда көп тилдүү жана көп маданияттуу чөйрөдө социалдык, техникалык жана каржылык колдоолорду алышып, келечекке даярдык көрүшөт.

## ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

1995-жылдын 30-сентябрында Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык теология факультетин ачуу чечими кабыл алынып, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Камкорчулар кеңешинин 2010-жылдын 30-октябрындагы чечими менен 2011-2012-окуу жылынан тарта окуу-тарбия иштерин баштаган.

2017-жылдын 16-февралында теология факультети университеттин Жал кампусундагы жаңы имаратына көчүп кирип, 2017-жылдын 28-февралында лицензия алуу процедураларын аяктап, университеттин ректоратына өткөрүү расмий түрдө ишке ашырылган. Евразия илим жана маданият фонду тарабынан жүзөгө ашырылган окуу-өндүрүштүк мечиттин курулушу 2016-жылдын июль айында бүткөрүлүп, 2016-жылдын 12-октябрында лицензияга ээ болушкан.

Окуу-тарбия иштери

2011-2012-окуу жылында окуу-тарбия иштерин баштаган факультетибиз даярдоо курсунан кийин төрт жылдык кесиптик жогорку билим берүүчү жай болуп саналат. Окутуу түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлүп, бул тилдер даярдоо курсунда окутулат. Ал эми араб тили чет тили катары окуунун бүткүл мезгилинде эки бөлүмдө тең ар бир семестрде биринчи кезекте окутулат.

Окуу-тарбия иштери Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген стандарттарга ылайык жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин

Уставына ылайык жүргүзүлөт.

Факультетте эки бөлүм бар: Ислам таануу жана дин таануу

Ислам таануу бөлүмүндө тафсир, хадис, калам, Ислам укугу / фикх, Ислам агымдарынын тарыхы, суфизм, Куран окуу жана тажвид, араб тили, орус тили, англис тили сыяктуу сабактардан тышкары баалуулуктарды калыптандыруу, дин жана адеп-ахлактуулукка үйрөтүү методдору, Ислам тарыхы, диндердин өнүгүү тарыхы, жалпы философия, логика, адеп-ахлак, дин философиясы, дин социологиясы, дин психологиясы, дин антропологиясы ж.б.у.с. ар кандай тармактар боюнча сабактар окутулат. Ошентип, бүтүрүүчүлөрүбүз өткөн менен келечекти бириктирген, технологиянын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланган, кыргыз-түрк коомунун көптөгөн диний жана социалдык көйгөйлөрүн чече алган, сынчыл ой жүгүртө билген, дүйнө таанымы жана көз карашы кенен жаштар катары жашоого кадам таштоо мүмкүнчүлүгүнө жана артыкчылыктарга ээ.

Дин таануу бөлүмүндө диндердин өнүгүү тарыхы, дин жана маданият, философия, дин философиясы, дин психологиясы, дин феноменологиясы, адеп-ахлак жана баалуулуктар, дин антропологиясы сыяктуу дин таанууга байланыштуу илимий дисциплиналар; ошондой эле тафсир, хадис, калам, мазхабдар тарыхы, Ислам укугу, Ислам тарыхы сыяктуу Исламдык дисциплиналар; билим берүүнүн психологиясы, өлчөө жана баалоо, билим берүүнүн социологиясы, педагогикага киришүү, атайын окутуу ыкмалары, диний билим берүү, диний чечендик сыяктуу жалпы жана диний билимге тиешелүү сабактар түрк, кыргыз, араб жана орус тилинде окутулат. Ошентип, биз бүтүрүүчүлөрүбүздүн Исламдык дисциплиналар тармагында компетенттүү болушун, бул жаатта алган билимдерин заманбап дисциплиналар менен чечмелеп, алар иштей турган чөйрөдө өз билимдерин чагылдыра ала турган билимге, көндүмгө жана компетенттүүлүккө ээ болуусун максат кылуудабыз.

Эки бөлүмдө тең араб тили 1-курстан баштап окутулат. 2015-2016-окуу жылында алгачкы бүтүрүүчүлөрүн чыгарган факультетибиздин бүтүрүүчүлөрүнө Кыргызстандын жана Түркиянын дипломдору берилет.

Ислам таануу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгына (муфтиятка) караштуу мечиттерде дин кызматкери, медреселерде мугалим жана башкаруучу, ошондой эле коомго керектүү башка мекемелерде же уюмдарда дин боюнча адис болуп иштей алышат.

Дин таануу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү мугалим болууга укук берген мамлекеттик үлгүдөгү дипломго ээ болуп, мамлекеттик мектептерде дин маданияты жана адеп-ахлак сабактары боюнча мугалим болуп иштей алышат.

Факультетте ийгиликтүү студенттер кош адистик программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Кош адистик программасы боюнча окуусун аяктаган студенттер эки бөлүмдүн дипломун алышат.

Факультетте билим алып жаткан студенттер окуу учурунда жок дегенде бир жолу Түркияда жайкы окууга (практикага) катышып, чет өлкөдө иштөө тажрыйбасын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Факультеттин бүтүрүүчүлөрү окуу учурунда алган билимдерин, билгичтик жана көндүмдөрүн колдонуу менен Кыргызстанда, Түркияда жана башка өлкөлөрдө ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуй алышат.

Ислам таануу багыты боюнча ачылган магистратура программасы уланып жатат. 2017-жылдын аягын кошо эсептегенде, 23 студент магистрдик диссертациясын жактап, дипломдорго ээ болушту. Учурда 17 студент окуусун улантып жатат.

2017-18-окуу жылында Ислам таануу багыты боюнча докторантура программасы ачылып, учурда 12 студент окуусун улантууда.

Жыл сайын орто эсеп менен 90 студентти кабыл алган факультетибизде 250гө жакын студент билим алып жатышат. Студенттер менен окутуучулар ортосунда тыгыз, позитивдүү жана жигердүү байланышты сактоо менен үзгүлтүксүз билим берүүнү камсыз кылууга умтулабыз.

**МИССИЯ**

Факультеттин миссиясы – Ислам таануу жана дин таануу жаатында жогорку деңгээлдеги билимге, ой жүгүртүү жана баалоо жөндөмүнө ээ, изденген, топто иштей алган, билимин жана тажрыйбасын башкалар менен бөлүшкөн, иштерман, руханий, адеп-ахлактык жана илимий баалуулуктарды өздөштүргөн, өзүнө ишенген инсандарды тарбиялоо, ошондой эле түрк мамлекеттери менен боордош коомчулуктардагы диний көйгөйлөрдү чечүүгө, тынчтыкка, ынтымакка жана тилектештикке негизделген диний маданиятты өнүктүрүүгө салым кошуу.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Факультеттин концепциясы – илимий изилдөө иштери менен эл аралык аренада абройлуу, билим берүүдөгү жана илим изилдөөдөгү сапаты жогору, топто иштөөгө жана кызматташууга шыктандырган, катышуу жана топто иштөөгө негизделген башкаруу түшүнүгүнө ээ, түрк коомчулуктарынын диний билим берүүгө тиешелүү көйгөйлөрүн чечүү үчүн иш-чараларды жүргүзгөн, коомдук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды карманган, өнүгүүгө ачык жана жаңычыл факультет болуу.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Факультеттин максаты - динибиздин негизги булактары болгон Куран жана сүннөттүн негизинде студенттердин теологиялык билимдерин тереңдетүү; аң-сезимдүү мусулман катары жашоосун камсыз кылуу жана үй-бүлөсүн, жакындарын, Мекенин, улутун жакшы көргөн чынчыл инсан болуп тарбиялануусуна шарт түзүү.

Биздин студенттер өздөрү жашаган аймакты жана заманбап дүйнөнү жакындан таануударына мүмкүнчүлүк түзүүгө, алардын илимди жана технологияны туура жана пайдалуу колдоно алуусуна жетишүүгө умтулабыз. Студенттер өз эне тилинен тышкары диний булактарды түшүнүүсү үчүн араб тилин, түрк элдери менен баарлашуусу жана түрк булактарын колдоно алуусу үчүн түрк тилин, аймактагы жалпы тил болгон орус тилин жана башка өлкөлөрдөн келген адамдар менен баарлаша алуусу үчүн англис тилин билген инсан катары тарбиялоо негизги максаттарыбыздын бири болуп саналат. Ушул максаттарга ылайык, студенттерибиздин ушул аймакта жашап өткөн байыркы аалымдардан бизге жеткен илимий жана маданий мурастарыбызды урматтаган, аларды колдонуу менен жаңы илимий мейкиндиктерди ачууга жана бүткүл дүйнөдө тынчтыкты орнотууга салым кошууга жөндөмдүү жаштарды тарбиялоого бардык күч-аракетибизди жумшап жатабыз.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

Дин таануу бөлүмүндө Исламга тиешелүү негизги билимдерден тышкары диндердин өнүгүү тарыхы, диний окуулар, философия, адеп-ахлак, дин философиясы, дин социологиясы, диний билим берүү, диний психология, диний антропология, цивилизация, логика ж.б.у.с. тармактар боюнча сабактар окутулат. Мугалимдик сертификатты алган бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү:

1- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинде адеп-ахлак сабагы боюнча мугалим;

2- КРнын Президентинин Администрациясы, Ички иштер министрлиги, Дин комиссиясы жана Муфтият сыяктуу органдарда адис;

3- КРнын Юстиция министрлигине караштуу Пробация департаментинде адис;

4- Түркиядагы башталгыч жана орто мектептерде дин сабагы боюнча мугалим жана Дин иштери башкармалыгында диний кызматкер болуп иштей алышат.

5- Лицейлерде жана диний окуу жайларда диндердин өнүгүү сабагын бере алышат.

Ал эми Ислам таануу бөлүмүндө араб тили, тафсир, хадис жана фикх, Ислам таануу, дин таануу, Ислам тарыхы жана цивилизациясы боюнча сабактар окутулат. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү:

1- Кыргызстанда Дин комиссиясы жана Муфтияттын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө кирген кызматтарда;

2- Кыргызстандын орто мектептеринде жана лицейлеринде диндердин өнүгүү тарыхы жана дин маданияты сабактары боюнча мугалим;

3- КРнын Юстиция министрлигине караштуу Пробация департаментинде адис;

4- Түркиянын Улуттук Билим берүү министрлигинде дин маданияты жана адеп-ахлак боюнча мугалим, Имам-Хатип лицейинде кесиптик сабактар боюнча мугалим;

5- Дин иштери башкармалыгында имам хатип, дааватчы, муфтий жана Куран курсунун мугалими болуп иштей алышат.

Факультетте Дин таануу жана Ислам таануу бөлүмдөрү болуп, эки бөлүм иш алып барууда. 2024-жылдын 11-мартын кошо эсептегенде, Дин таануу бөлүмүндө 88 студент билим алып жатат. Бөлүмдө үч профессор, бир доцент, бир ага окутуучу жана эки кенже илимий кызматкер эмгектенет. Бөлүмдүн башчысы болуп проф.Кемаль Полат иштейт.

2024-жылдын 11-мартын кошо эсептегенде, Ислам таануу бөлүмүндө 145 студент билим алып жатат. Бөлүмдө бир профессор, бир доцент, бир доценттин милдетин аткаруучу, төрт ага окутуучу жана эки кенже илимий кызматкер эмгектенет. Бөлүмдүн башчысы болуп проф.Бекир Татлы иштейт.



# КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## МИССИЯ

Факультеттин миссиясы - түрк мамлекеттери менен түрк жана боордош коомчулуктардан жана башка өлкөлөрдөн келген студенттерди материалдык-техникалык базасы күчтүү академиялык чөйрөдө коммуникация жаатында квалификациялуу, өзүнө ишенген, социалдык жоопкерчиликти сезген, эл аралык аренада иштөөгө жөндөмдүү жаштарды тарбиялоо жана дүйнөлүк илимге, анын ичинде түрк цивилизациясына салым кошуу.

## КОНЦЕПЦИЯ

Факультеттин концепциясы - коммуникация секторунун ар бир тармагында адистешкен, сынчыл ой жүгүртө билген жана топто иштөөгө жөндөмдүү, эл аралык платформаларда иштей ала турган, ийгиликтүү жана чыгармачыл адистерди даярдоону камсыз кылуу.

## МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

- Илимий, көркөм, технологиялык, социалдык жана маданий жаңылыктардан артта калбаган, бул жаңылыктарды өз кесибинде жана турмушунда колдоно билген квалификациялуу адистерди даярдоону камсыз кылуу;
- Заманбап билим берүү үчүн зарыл болгон физикалык чөйрөнү жана жабдууларды камсыз кылуу боюнча пландарды жана программаларды иштеп чыгуу;
- Улуттук жана эл аралык мамлекеттик органдар жана өкмөттүк эмес уюмдар менен туруктуу жана өнүгүп жаткан кызматташтыкта болуу.

1-МАКСАТ:

Радио, телекөрсөтүү, графика, анимация, дубляж, гезит жана жарнама студияларын ачуу аркылуу билим берүүнү практикалык чөйрөдө ишке ашыруу, күчтүү теориялык жана практикалык көндүмдөргө ээ, жок дегенде бир эл аралык тилде эркин сүйлөй алган квалификациялуу адистерди даярдоо жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн зарыл болгон илимий кадрларды даярдоо боюнча чараларды көрүү.

1-милдет. Окуу процессинде интерактивдүү ыкмалар менен студенттердин өнүгүүсүн камсыз кылуу;

2-милдет. Киноөндүрүш студияларын жигердүү жана натыйжалуу колдонуп, тажрыйба топтоо. Башка иштер, өзгөчө билим берүү тармагындагы иштер менен комплекстүү пайдаланууну

камсыз кылуу.

3-милдет. Эл аралык университеттер менен кызматташуу жана долборлорду жүзөгө ашыруу.

2-МАКСАТ:

Киноөндүрүш студиясы, ТРТнын башкы мүдүрлүгү, УТРК сыяктуу улуттук телерадиоберүү корпорациясы менен орток долбоорлорду ишке ашыруу. Бул маданий иштер менен түрк дүйнөсүнүн медиасына колдоо көрсөтүп, улуттук баалуулуктардын сакталышына, университеттин жана факультеттин таанытылышына салым кошуу.

1-милдет. ТРТнын башкы мүдүрлүгү менен орток тасмаларды, анимациялык жана жарнамалык материалдарды тартуу. Бул материалдарды дүйнөлүк маалымат каражаттарында жайылышын камсыз кылуу. "Манас" гезитин жана университеттин бюллетенин мезгилдүү басып чыгаруу жана Кыргызстандын, Түркиянын жана түрк дүйнөсүнүн өлкөлөрүнүн тиешелүү мекемелер жана уюмдары арасында жайылтууну камсыз кылуу.

2-милдет. Улуттук медиа менен биргеликте иш алып баруу жана алардын программа, анимация, жарнама, дубляж жана тасмага болгон муктаждыктарына колдоо көрсөтүп, орток долбоорлорду ишке ашыруу.

3-милдет. Медиада "кесиптик стандарттарды иштеп чыгуу" үчүн Кыргызстандын, Түркиянын жана түрк коомчулуктарынын коммуникация факультеттери менен биргелешип иш жүргүзүү;

4-милдет. Изилдөөлөрдүн жана долбоорлордун темаларына байланыштуу жергиликтүү, улуттук жана эл аралык мекемелер жана уюмдар менен конгресстерди, симпозиумдарды, семинарларды, илимий талкууларды, панелдерди жана илимий жолугушууларды уюштуруу. Журналистика, коом менен байланыш, телекөрсөтүү жана анимация тармагындагы китептерди которуу менен Кыргызстандын журналистика боюнча адабиятына салым кошуу.



## ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Инженерия факультети 1997-1998-окуу жылында экологиялык инженерия жана компьютердик инженерия бөлүмдөрү менен окуу-тарбия иштерин баштаган. 2003-жылы тамак-аш инженериясы, 2007-жылы химиялык инженерия, 2017-жылы электроника жана электр менен өнөр жай инженериясы бөлүмдөрү ачылган. 2014-2015-окуу жылынын жазгы семестринде жаңы имаратка көчүп кирип, заманбап дарсканаларда жана лабораторияларда окуу-тарбия иштерин улантып келүүдө.

### МИССИЯ

Факультеттин миссиясы – Орто Азиянын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө салым кошо турган, заманбап маалыматтык технологияларды колдоно алган, дүйнөдө болуп жаткан илимий жетишкендиктерден кабардар болгон, өндүрүштө алдыңкы технологияларды колдоно билген жана элдин жашоо деңгээлин жакшыртуу жаатында иш алып барган кесипкөй инженерлерди даярдоо.

### КОНЦЕПЦИЯ

- Орто Азияда улуттук баалуулуктарды сактоо үчүн жалпы адамзаттык билимдерге жана көз караштарга ээ;
- Илимий жол менен ишин аркалаган;
- Өзүн-өзү үзгүлтүксүз түрдө өнүктүргөн жана өмүр бою билим алуунун маанилүүлүгүн түшүнгөн;
- Өзү менен гармонияда болгон жана өзү жашаган коомго кызмат кылууга умтулган жаштарды тарбиялоо.
- Кыргызстандын жана Орто Азиянын эң алдыңкы инженерия факультети болуу.

### МАКСАТТАР

- Инженерия тармагында чыныгы адис болгон жана өндүрүш тармагында эл аралык инженерия стандарттарына ылайык соңку билимдерди жана технологияларды колдоно билген студенттерди даярдай турган сапаттуу билим берүү;

- Кыргызстан жана Түркия менен чектелбестен, бүткүл дүйнөдө мамлекеттик жана жеке менчик мекемелерде иштей алган жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо;
- Орто Азия өлкөлөрүнүн өнөр жай секторунда талап кылынган тармактарда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, коомго пайда алып келүү;

**МИЛДЕТТЕР**

- Алдыңкы университеттердин билимин жана тажрыйбасын, заманбап билим берүү программаларын жана окутуу ыкмаларын колдонуу менен билим деңгээлин жогорулатуу;
- Сырттан жогорку квалификациялуу окутуучуларды тартуу, өзүбүздүн окутуучуларыбыздын квалификациясын жогорулатуу үчүн алдыңкы дүйнөлүк билим берүү мекемелерине жана илимий изилдөө борборлоруна жиберүүгө шыктандыруу;
- Билим берүү программаларынын таанылган кесиптик уюмдар тарабынан аккредитацияланышын камсыз кылуу: MÜDEK (Инженерия багыты боюнча билим берүү программаларын баалоо жана аккредитациялоо ассоциациясы), ABET (Инженерия жана технология боюнча аккредитациялык кеңеш);
- Жүзөгө ашырылып жаткан долбоорлорго факультеттин студенттеринин жигердүү катышуусун камсыз кылуу. Студенттерге көйгөйлөрдү чечүү үчүн инженердик ыкмаларды үйрөтүү;
- Бүтүрүүчүлөр менен өнөр жай өндүрүүчүлөрүнүн ортосунда семинарларды жана илимий талкууларды уюштуруу аркылуу болочок бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна көмөк көрсөтүү;
- Биздин бүтүрүүчүлөрдөн эмгек рыногу талап кылган жана күткөн көндүмдөрдү аныктоо үчүн рынокко үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү.
- Мамлекеттик мекемелерге, жеке уюмдарга жана коомго пайдалуу болуу үчүн алардын суроо-талабы боюнча тиешелүү маселелер тууралуу кеңеш берүү: өндүрүлгөн азык-түлүктүн сапатын көзөмөлдөө, экология маселелери, маалыматтык технологиялар ж.б.у.с. маселелер боюнча кеңеш берүү;
- Жаңы билимдерди жана технологияларды өнөр жайга өткөрүп берүүнү камсыз кылуу үчүн өнөр жайчылар менен биргеликте дисциплиналар аралык жана эл аралык долбоорлорду иштеп чыгуу жана аяктоо.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

**Компьютердик инженерия бөлүмү**

Компьютердик инженерия бөлүмү заманбап маалымат иштетүү технологияларын колдонуу менен Түркия, Кыргызстан жана Орто Азияда эл аралык инженердик деңгээлде кызмат көрсөтө алган компьютердик инженерлерди даярдоо жана сапаттуу билим берүү менен боордош өлкөлөрдүн экономикасына салым кошуу максатын көздөйт. Компьютердик инженерия бөлүмү алгачкы бүтүрүүчүлөрүн 2004-жылы чыгарган. Бөлүмдүн билим берүү саясаты заманбап операциялык тутумдар (Windows жана Unix), Интернет инфратүзүмдөрү, программалык камсыздоо (C, C++, Java, Delphi, Visual Basic, Oracle/SQL Sever) сыяктуу базалык билимдерди лабораториялык колдонмолордун жардамы менен окутуу аркылуу кесиптик деңгээлде компьютердик тутумдарды иштеп чыгууга жөндөмдүү инженерлерди даярдоо болуп саналат. Ушул максатта бакалавриат программасында студенттерге жетишерлик деңгээлде программалык жабдуулар (hardware) боюнча жогорку деңгээлде теориялык билимдерди камсыз кылган, программалык камсыздоо инженериясынын көндүмдөрүн өрчүткөн, компьютердик тутумдарды долбоорлоо жана колдонууга багытталган сабактар окутулат.

**Экологиялык инженерия бөлүмү**

Экология инженериясы жергиликтүү жана дүйнөлүк деңгээлде адамдарды аларды курчап турган айлана-чөйрөдөн жана айлана-чөйрөнү адамдардын терс таасиринен коргоо, адамзаттын ден соолугу жана бакубаттуулугу үчүн шарттарды жакшыртуу максатында негизги илимий теорияларды практика жүзүндө колдонгон инженерия тармагы болуп эсептелет.

**Тамак-аш инженериясы бөлүмү**

Тамак-аш инженерлери азык-түлүк өндүрүшүндө чийки затты өндүрүүдөн баштап даяр өнүмдү керектөөчүнүн керектөөсүнө сунуштаганга чейинки бүт процессти камтыган тамак-аш чынжырынын маселелери менен алектенет.

**Химиялык инженерия бөлүмү**

Химиялык инженерия – материалдардын химиялык түзүлүшүн, энергетикалык курамын же физикалык абалын өзгөртүүчү процесстерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен алектенген инженериянын кеңири жана көп тараптуу тармагы. Чийки заттардын химиялык же физикалык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, адамзат үчүн пайдалуу өнүмдөргө айлануу процесстерин долбоорлоо, куруу жана иштетүү химиялык инженериянын негизин түзөт.

**Электроника жана электр инженериясы бөлүмү**

Инженерия боюнча негизги түшүнүктөр менен катар электроника жана электрондук схемаларды жана тутумдарды долбоорлоо жана талдоо, байланыш тутумдары, электр жабдуулары, электр машиналары жана автоматташтырылган тутумдар боюнча билим берет.

Электроника жана электр инженериясы – окумуштуулар колдонгон аспаптардын негизги механизмдерин өндүргөн, алардын программалык камсыздоосун иштеп чыккан, тескери инженерия менен өндүрүлгөн аспаптардын ички механизмдерин чече ала турган кеңири аймакты камтыган инженерия тармагы.

**Өнөр жай инженериясы бөлүмү**

Өнөр жай инженериясы; адамдан, техникадан, информациядан, жабдуулардан жана энергиядан турган комплекстүү тутумдарды долбоорлоо, жакшыртуу жана орнотуу менен алектенет. Бул тутумдардан алынган натыйжаларды аныктоо, болжолдоо жана баалоо үчүн инженердик анализдин жана долбоорлоонун принциптерин жана ыкмаларын, ошондой эле математикалык, физикалык жана коомдук илимдердеги атайын билимдерди жана көндүмдөрдү колдонгон инженерия тармагы.

## ВЕТЕРИНАРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### МИССИЯ

Факультеттин миссиясы – заманбап билим берүүнүн принциптерине ылайык жаратылышты, адамдын жана жаныбардын укуктарын урматтаган, билими күчтүү, өзүнө болгон ишенимди жана толеранттуулукту жашоо принциби катары кабыл алган, өмүр бою үйрөнүүнү жана билимин кеңейтүүнү эч качан токтотпогон, өзү, айлана-чөйрөсү жана түрк дүйнөсүнүн цивилизациялык баалуулуктары менен гармонияда болгон, сынчыл ой жүгүрткөн жана өз оюн эркин айта билген, кесиптин этикалык эрежелерин сактаган, ветеринария адистиги боюнча мыйзамдарды, ченемдик укуктук документтерди мыкты билген ветеринарларды тарбиялоо.

### КОНЦЕПЦИЯ

Факультеттин концепциясы – конструктивдүүлүк жана өндүрүмдүүлүк принциптеринен тайбаган, тажрыйба алмашууда, тилектештикте жана көйгөйлөрдү чечүүдө кыйналбаган, жеке адамдар менен бөлүмдөрдүн ортосунда натыйжалуу байланыш түзө алган, үйрөнүүнү жана үйрөтүүнү жакшы көргөн, уюштуруучулук жөндөмгө ээ, билим менен бөлүшүүнү принцип катары карманган, факультеттин мүчөсү болгондугуна сыймыктанган адистерди даярдап, өз аймагында үлгүлүү окуу жайы статусуна жетишкен факультет болуу.

### МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

### КЫСКА МӨӨНӨТТҮҮ

1. Окуу-тарбия иштери үчүн зарыл китептер менен камсыз кылуу жана факультетте иштеген окутуучулар тарабынан жазылган китептерди окуу процессинде колдонуу;
2. Лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн зарыл болгон негизги аспаптарды, куралдарды жана материалдарды камсыз кылуу.
3. Студенттерди практикалык иштер үчүн зарыл болгон негизги лабораториялык аспаптар жана химиялык заттар менен камсыз кылуу;
4. Бөлүмдөрдү ачуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү жана алардын укуктук негиздерин камсыз кылуу;
5. Студенттерди таанымал жерлерде практикадан өтүүгө шыктандыруу.

**ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ**

1. Факультеттин бардык бөлүмдөрүнүн минималдуу муктаждыктарын канааттандыруу үчүн лабораторияларды жабдуулар менен жабдуу иштерин бүтүрүү;

2. Илимий изилдөө лабораторияларын ачуу үчүн инфратүзүмдүк иштерди жүзөгө ашыруу;

3. Университеттин эки тараптуу кызматташуу мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып, административдик кызматкерлердин билимин, көндүмдөрүн жана тажрыйбасын жогорулатуу үчүн индивидуалдык жана кесиптик өнүгүү программаларына катышуусун камсыз кылуу үчүн иш-чараларды жүргүзүү;

4. Эл аралык конгресстин, симпозиумдун же семинардын алкагында таанылууну жана маалымат алмашууну камсыз кылуу;

5. Мевлана, Эразмус, Орхун сыяктуу алмашуу программалары аркылуу эл аралык студенттердин жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн жогорулатуу.

**УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ**

1. Университеттин Саламаттык сактоо институтунда ЖОЖдон кийинки билим берүү ишмердүүлүгү менен факультеттин өз профессордук-окутуучулар курамын түзүү менен катар заманбап акыркы маалыматтык технологияларды жана ыкмаларды колдонуу аркылуу Кыргызстан жана аймактагы өлкөлөр менен академиялык иш-чараларды жүзөгө ашыруу;

2. Тамак-аш азыктарынын коопсуздугун анализдөө, эпидемиялык ооруларды изилдөө жана диагностикалык иштер сыяктуу тармактарда алдыңкы лабораторияларды ачуу аркылуу үлгүлүү лабораториялары бар факультет болуу;

3. Ачыла турган алдыңкы лабораториялардын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып, эл аралык журналдарда, өзгөчө SCI журналдарында басылмаларды жарыялоо;

4. Заманбап билим берүүнүн принциптерине ылайык жаратылышты, адамдын жана жаныбарлардын укуктарын урматтаган, билими күчтүү ветеринар адистерин даярдоо;

5. Факультетти бүтүргөн ветеринар адистердин жардамы менен Кыргызстанда мал чарбачылыгын өнүктүрүү, малдын жана калктын саламаттыгын сактоо, табигый тең салмактуулукту жана түзүлүшүн сактоо, Кыргызстандын экономикасы өлкөнүн мал чарбачылык потенциалын сарамжалдуу пайдаланууда факультеттин жана бүтүрүүчүлөрдүн алдыңкы ролун камсыз кылуу;

6. Аң-сезимдүү, технологияны колдонууга көнүп калган өндүрүш деңгээлдерин жана профиль түзүү иш-чараларынан тышкары тамак-аш азыктарынын коопсуздугу боюнча маалымдуулукка ээ болгон керектөөчүлөр тобун түзүүнү жетектөө.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

Ветеринария факультетинин негизги ишмердүүлүк багыттары төмөнкүдөй:

1. Окуу-тарбия иштери;
2. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана басылмаларды жарыялоо;
3. Коомго кызмат көрсөтүүлөр:

- Клиникалык кызмат көрсөтүүлөр;
- Мал багуу жана асылдандыруу кызматтары;
- Адамдардын ден соолугун жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча кызматтар;
- Сектор үчүн кеңеш кызматтары;
- Тамак-аш коопсуздугу жана коомдук саламаттыкты сактоо кызматтары.

# АЙЫЛ ЧАРБА ФАКУЛЬТЕТИ



## ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### МИССИЯ

Факультеттин миссиясы – сапаттуу билим берүү жана илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштердин жардамы менен жетишээрлик билимге ээ болгон, билимин коомдун пайдасы үчүн колдоно алган, илимий, маданий жана этикалык баалуулуктарга ылайык иш жүргүзгөн адистерди, илимпоздорду даярдоо жана коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу.

### КОНЦЕПЦИЯ

Факультеттин концепциясы – сапаттуу билим берүү менен улуттук деңгээлде келечек үчүн билимдин негизин түзгөн заманбап айыл чарба институттарынын катарында болуу жана өз тармагында алдыңкы факультет болуу.

### МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

Максаты – айыл чарба тармагында заманбап теориялык билимге жана технологияларга ээ болуу, Кыргызстандын жаратылышынын генетикалык ресурстарын коргоо жана айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүгө салым кошуу.

### Милдеттер

Айыл чарба факультети мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү жана өсүмдүктөрдү коргоо багыттары боюнча бакалавраит жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары менен өндүрүштү пландаштырып, долбоорлоого жана заманбап айыл чарба технологияларын колдонууга жөндөмдүү жогорку квалификациялуу айыл чарба инженерлерин даярдоо максатын көздөйт.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

- Заманбап технологиялардын жардамы менен Кыргызстандын шарттарына ылайык жергиликтүү жогорку түшүм берүүчү өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун иштеп чыгууга, айыл чарба тармагында жогорку түшүм берүүчү тутумдарды түзүүгө, ошондой эле өндүрүштүк-технологиялык кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо;
- Заманбап технологиялардын жардамы аркылуу жергиликтүү жаныбарлардын түрлөрүн колдонуу менен жогорку түшүм берүүчү мал чарбачылык тутумдарын түзүүгө жана өндүрүштүк-технологиялык кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо;
- Өсүмдүктөрдү коргоонун жаңычыл ыкмаларын, биотехнологиянын жана гендик инженериянын ыкмаларын колдонуп, айыл чарба өндүрүшүн интенсивдүү өнүктүрүүгө жана өндүрүштүк-технологиялык кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо;
- Айыл чарба тармагында өндүрүштү интенсивдүү технологиялар менен уюштурууга жана башкарууга жөндөмдүү адистерди даярдоо;
- Өлкөнүн айыл чарбасын өнүктүрүүгө, айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Дүйнө жүзүндө жаңыдан иштелип чыккан технологияны жана ыкмаларды өткөрүп берүү менен бул технологиянын жана ыкмалардын өлкөнүн азыркы шарттарына ылайыкташтырылышын жана колдонулушун камсыз кылуу аркылуу айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;
- Өлкөнүн айыл чарбасында келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөрдү тез арада чечүү жолдорун иштеп чыгуу.

**ФАКУЛЬТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

Айыл чарба факультетинде мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү менен өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмү бакалавриат жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуу-тарбия иштерин улантууда, бирок зоотехния бөлүмү учурда бакалавриат программасын жүзөгө ашырбай келет.

КТМУнун айыл чарба факультетинин мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү бөлүмү учурда бакалавриат жана магистратура программалары боюнча окуу-тарбия иштерин улантууда.



## СПОРТ ИЛИМДЕРИ ФАКУЛЬТЕТИ



**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

Университеттин спорт илимдери факультети Камкорчулар кеңешинин 2007-жылдын 23-октябрындагы № 2007.03 жыйынындагы № 4 чечиминин негизинде Окумуштуулар кеңешинин 2008-жылдын 5-февралындагы № 2008-3.24 чечимине ылайык дене тарбия жана спорт жогорку мектеби болуп ачылган.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дене тарбия жана спорт жогорку мектеби 2008-2009-окуу жылында окуу-тарбия иштерин "Машыктыруучуларды даярдоо" жана "Дене тарбия жана спорт мугалими" бөлүмдөрү менен баштаган.

Ушуну менен бирге 2018-жылдын 15-майында Коомдук илимдер институтунда дене тарбия жана спорт багыты боюнча магистратура программасы ачылып, 2019-2020-окуу жылынан тарта студенттерди кабыл ала баштаган.

Факультеттин максаты – дене тарбия жана спортко коомчулуктун кызыгуусун арттыруу, иш-чаралар аркылуу социалдашууну жана социалдык интеграцияны камсыз кылуу. Балдарга, жаштарга жана спортчуларга дене тарбия иш-чаралары аркылуу өзүн көрсөтүүгө жардам берген, дене тарбия жана спорттун маанисин билген жана түшүндүрүп элге жеткире алган мугалимдерди жана машыктыруучуларды даярдоо.

Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби Камкорчулар кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги № 2021-01 жыйынында кабыл алынган № 7 чечимине ылайык, Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы № 2021-02.16 чечиминин негизинде спорт илимдери факультетине айландырылды. Факультет билим берүү ишмердүүлүгүн дене тарбия жана спорт мугалими, машыктыруучуларды даярдоо бөлүмдөрү менен улантып келет.

Дене тарбия жана спорт жогорку мектебине караштуу салттуу оюндар жана спорт изилдөө борбору Камкорчулар кеңешинин 2021-жылдын 28-апрелиндеги № 2021-01 жыйынында кабыл алынган № 7 чечиминин жана Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы №2021-02.11 чечиминин негизинде салттуу оюн жана спорт изилдөө институтуна айландырылды.

**МИССИЯ**

Спорт илимдери факультетинин миссиясы – заманбап спорттун жана илимий технологиялардын өнүгүшүнө салым кошуу, бул тармактагы актуалдуу окуялардан кабардар болгон, изилдеген, изденген, аналитикалык ой жүгүрткөн, өзгөрүлүп жаткан дүйнөнүн шарттарында коомду жетектей ала турган, адамзаттык баалуулуктарды урматтаган, коомдун саламаттыгы үчүн спорттун маанисин түшүнгөн жана спорттук машыгуунун заманбап ыкмаларын

колдонгон, Ататүрктүн принциптерин жана Республиканын баалуулуктарын карманган, демократиялык сезими калыптанган спортчуларды даярдоо, улуттук жана эл аралык аренада спорт илими жаатында абройлуу мекемелердин катарында болуу.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Спорт илимдери факультетинин концепциясы - топто иштөөгө шыктандырган, катышуу жана бөлүшүүгө негизделген башкаруу түшүнүгүнө ээ, облустун жана аймактын, ошондой эле өлкөлөрдүн спорт тармагындагы көйгөйлөрүн чечүү үчүн иштерди аткарган, жогорку квалификациялуу кадрларга жана заманбап материалдык-техникалык базага ээ, спорт илиминде акыркы технологияларды колдонгон, жаңычыл жана алдыңкы тажрыйбалары менен спорттук билим берүү тармагында Кыргызстанда жана дүйнөдө үлгүлүү модель жана марка болуу.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

- Илимий жана этикалык принциптерди карманган;
- Адам укуктарын, сөз эркиндигин жана демократияны урматтаган;
- Ар түрдүү көз карашын жана пикирин тынчтык менен толеранттуулуктун алкагында айта алган, эркин, адилеттүү, ачык-айкын, академиялык жана этикалык баалуулуктарга ээ;
- Аткара турган ишин мыкты бүтүрүүгө чечкиндүү болгон жана ага умтулган;
- Алган билимин өз өлкөсүнүн, элинин өнүгүүсү менен бакубаттуулугу үчүн колдонгон;
- Башка кесиптик топтор менен кызматташууга жөндөмдүү;
- Экологиялык жана социалдык маселелерге сезимтал болгон;
- Алган билимин элге өткөрүп бере алган жана коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатууга салым кошкон адистерди даярдоо максатын көздөгөн факультет болуу.

Стратегиялык максаттар:

- Өлкөбүзгө спорт илими тармагында керек болгон спорт адистерин даярдоо;
- Студенттерди илимдин жана спорттун акыркы жетишкендиктери менен тааныштыруу;
- Студенттердин билим берүү учурунда факультеттин негизги баалуулуктарын түшүнүүсүн камсыздоо.

Стратегиялык милдеттер:

- Ар дайым өзүн-өзү жакшыртуу сезимине ээ кылуу;
- Топто иштөө духун калыптандыруу;
- Факультеттин максаттарынын билим берүү программаларында чагылдырылышын камсыз кылуу;
- Максаттуу окутууну камсыз кылуу үчүн тийиштүү материалдык-техникалык базаны түзүү, акыркы дүйнөлүк технологиялар менен жабдылган окуу жана илимий лабораторияларды ачуу;
- Алган теориялык билимдерин колдонууга жөндөмдүү спортчуларды даярдоо;
- Улуттук жана эл аралык байланыштарды үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүү;
- Студенттер окууну аяктагандан кийин алар менен үзгүлтүксүз жана натыйжалуу байланышта болуу;
- Улуттук жана дүйнөлүк ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу.

Негизги баалуулуктар:

- Жүзөгө ашырыла турган ар түрдүү окуу-тарбия, изилдөө жана практикалык иштерде жана социалдык көйгөйлөрдө коомдун пайдасын көзөмөлдөө жана социалдык адилеттүүлүктүн принцибине дайыма артыкчылык берүү;
- Колдо бар ресурстарды жана баалуулуктарды күн сайын көбүрөөк адамдар колдоно турган деңгээлге жеткирүү максатын көздөө;
- Университет, спорт сектору жана коомчулуктун ортосунда туруктуу кызматташтыкты камсыз кылуу;

- Кесиптик этиканы жана жоопкерчилик сезимин бийик кармап, башка кесиптик топтор менен кызматташууну жогорку деңгээлде камсыз кылуу;
- Командалык духка ээ болуу.

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

- Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү дене тарбия мугалими адистиги боюнча бакалавр даражасындагы диплом алышат. Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, башталгыч мектептерде, орто мектептерде жана кесиптик-техникалык лицейлерде, дене тарбия жана спорт мекемелеринде, спорт комитеттеринде мугалим жана адис болуп иштей алышат.
- Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү спорт мекемелеринде, спорт клубдарында, спорт мектептеринде машыктыруучу, олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар жана өспүрүмдөр мектептеринде, лицейлерде, спорт федерацияларында, спорт комитеттеринде дене тарбия адиси болуп иштей алышат.
- Спорт илимдери факультетинин бүтүрүүчүлөрү эл аралык статуска ээ болгон диплом алышат.
- Спорт илимдери факультетинин бүтүрүүчүлөрү Түрк дүйнөсү жана КМШ өлкөлөрүндө "дене тарбия адиси" болуп иштөөгө укуктуу.
- Спорт илимдери факультетинин машыктыруучуларды даярдоо жана дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмдөрүндө окуу-тарбия иштери жүргүзүлөт.

Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмүндө окуусун аяктаган студенттер "Дене тарбия жана спорт мугалими" даражасына ээ болуп, дене тарбия жана спорт мугалими болуп иштөө укугуна ээ болушат. Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмүндө окуусун аяктаган студенттер тандаган адистиги боюнча "Тренер" даражасын алышат жана спорт мекемелеринде иштөөгө укуктуу.

Спорт илимдери факультетинин бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдору Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку окуу жайлары тарабынан таанылат.

Спорт илимдери факультетинде окутуу эки тилде – түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Окуунун биринчи жылында студенттер бир жылдык даярдоо курсунда окушат, аны ийгиликтүү аяктагандар 1-курстан баштап өздөрү кабыл алынган бөлүмдөрдө окуй башташат.

Спорт илимдери факультетинде окуп жаткан студенттерге университеттин кампусунда жайгашкан жатаканада жашоо мүмкүнчүлүгү берилет.

Улуттук спортчу стипендиясы окуу жайыбызда окуп жаткан Кыргызстандын жана Түркия Республикасынын спорттун олимпиадалык түрлөрү боюнча курама командаларынын спортчуларына берилет.

Спорт илимдери факультетинде баскетбол, волейбол, бокс, жеңил атлетика, дзюдо, самбо, күрөш (улуттук, грек-рим, эркин), оор атлетика, шахмат, үстөл тенниси, сууда сүзүү, тогуз коргоол, ордо, футбол, армрестлинг, бодибилдинг сыяктуу спорттун 18 түрү боюнча машыгуулар өткөрүлөт.

Заманбап прогрессти жайылтууга жана өнүктүрүүгө салым кошкон, улуттук жана эл аралык стандарттарга ылайык билим алып, өз тармагында адис, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ, акыл-эстүү жана илимий ой жүгүрткөн, өндүргөн, жоопкерчиликтүү, этикалык баалуулуктарды өнүктүргөн жана сактаган, изденген, коомго сапаттуу спорт кызматын көрсөтүү үчүн билимге жана көндүмгө ээ инсандарды даярдоо.

Билим берүү программалары, илимий изилдөө иштери жана басылмалары, адам ресурстары жана жабдыктары, жаңычыл, бөлүшүүчү жана жол көрсөтүүчү түзүмү менен дене тарбия жана спорт тармагында үлгү болгон жана кызыкдар тараптар тарабынан өзгөчө жактырылган абройлуу факультет болуу.

## ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Туризм факультетинин тарыхы 1999-2000-окуу жылында эки жылдык кесиптик жогорку мектеп катары билим бере баштаган Туризм жана мейманкана иштетүү кесиптик жогорку мектебинин ачылышынан башталат. Жогорку мектепте алгач 1999-2000-окуу жылында тамак-аш жана суусундуктар менеджменти программасы, андан кийин 2001-2002-окуу жылында туризм жана мейманкана иштетүү программасы жана 2002-2003-окуу жылында гид кыматы программасы ачылган.

Кесиптик жогорку мектептин жетишкен ийгиликтерин мындан ары өркүндөтүү максатында Окумуштуулар кеңешинин 2006-жылдын 14-сентябрындагы №2006.05 чечимине ылайык 2007-2008-окуу жылынан тарта кесиптик жогорку мектеп Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби аталышында 4 жылдык бакалавриат программасы боюнча тамак-аш жана суусундуктар менеджменти, мейманкана иштетүү, саякат иши жана гид кызматы бөлүмдөрү менен билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзө баштаган. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 23-октябрындагы №2013.17.121 чечимине ылайык тамак-аш жана суусундуктар менеджменти бөлүмүнүн аталышы ресторан иши жана кулинардык өнөр болуп өзгөртүлгөн.

2014-2015-жылы жогорку мектептин туризм жана мейманкана иштетүү кафедрасында магистратура программасы ачылган жана бул программа азыркы күнгө чейин магистранттарды даярдап келет.

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы №2021-02.10 чечимине ылайык ириде Кыргызстан, Түркия жана түрк дүйнөсүнүн мамлекеттеринин туризм тармагында кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу, бакалавриат жана магистратура программаларынын сапатын жогорулатуу, жогорку мектептин академиялык өнүгүүсүнө жол ачуу жана студенттердин факультеттин дипломун алышын камсыздоо үчүн Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин аты 2021-2022-окуу жылынан тарта Туризм факультети болуп өзгөртүлдү.

Туризм факультети түзүлгөндөн тарта академиялык өнүгүү үчүн жасала турган кадамдар дагы көптөгөн багыттарда пландала баштаган. Бул контекстте, факультет болуу менен бирге жүктөлгөн миссияга ылайык жана бүтүрүүчүлөрүбүздүн, ошондой эле институттук билими менен академиялык карьераны улантууну каалагандардын ЖОЖдон кийинки билимине салым кошуу үчүн ресторан иши жана кулинардык өнөр магистратура программасы ачылган. Кошумчалай

кетсек, Туризм боюнча докторантура программасы университетибиздин миссиясына жана баалуулуктарына берилген инсандарды даярдоо, келечекте Туризм факультетинин илимий даражалуу окутуучуларына болгон муктаждыкты канааттандыруу максатында Туризм факультетинин докторантура программасынын ачылышы туризм тармагы боюнча Кыргызстанда биринчи ачылган докторантура программасы катары чоң мааниге ээ.

**МИССИЯ**

Биринчи кезекте түрк дүйнөсүнө жана бүткүл дүйнөлүк туризм ишканаларына жетекчи менеджерлерди даярдоо менен катар эл аралык стандарттагы жогорку квалификацияга, түрк цивилизациясы менен бирге дүйнөлүк көз карашка ээ кадрларды даярдоо.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрү аркылуу туризм жаатында эл аралык марка болуу.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Кыргызстан өзүнүн табигый кооздугу, тарыхый баалуулуктары, бай маданияты жана меймандос калкы менен маанилүү туристтик потенциалга ээ. Өлкөнүн туризм потенциалын ишке ашырууда эң негизги фактор болуп квалификациялуу адам ресурстары саналат. Туризм факультетинин негизги максаты – биринчи кезекте Кыргызстандын, Түркиянын жана бүткүл түрк дүйнөсүнүн, о.э. дүйнөнүн бардык аймагында иштей ала турган дараметке ээ квалификациялуу кадрларды даярдоо жана таланттуу жаштар туризм тармагында кең келечектүү карьерага ээ болуусу үчүн алардын жаркын келечегине даңгыр жол салуу.

Туризм факультетинин келечектеги максаттарынын бири – Кыргызстанда туризм тармагында иштеген квалификациялуу кадрларды даярдап чыгаруу менен бирге бүтүрүүчүлөргө дүйнөнүн бардык өлкөсүндө иштеп кете турган деңгээлде билим берүү. Бул жаатта Туризм факультетинин негизги максаттары төмөнкүдөй:

a) Улуттук иденттүүлүгүн сактоо менен дүйнөлүк көз карашка ээ инсанды тарбиялоо;

b) Студенттерге туризм чөйрөсүндө колдоно ала турган башкаруу боюнча билим жана көндүмдөрдү үйрөтүү;

c) Ар бир студентке иш ордунда окутуу жана практика өтөө мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;

d) Студенттерге дүйнөдө эң көп колдонулган тилдердин ичинен үчтөн кем эмес тилди билишин камсыз кылуу;

e) Туризм тармагында көп муктаждыктарды жараткан мейманкана, тамактануу жана агенттик кызматтар жаатында семинарларды жана курстарды уюштуруу, илимий жыйын жана конференцияларды өткөрүү;

f) Туризм тармагында жаңы долбоорлорду иштеп чыгуу;

g) Туризм тармагына талап кылынган багыттарда кеңеш берүү кызматын аткаруу;

h) Туризмдин өзгөчө багыттары боюнча магистратура жана докторантура программаларын ачуу;

i) Студенттерге дүйнөлүк масштабда практика өтөө мүмкүнчүлүгүн түзүү;

j) Профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүн жана студент алмашуу программалары сыяктуу маселелерде дүйнөнүн алдыңкы туризм мекемелери менен кызматташуу;

k) Студенттерибиздин туруктуулук аң-сезимин калыптандыруу

**ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН БАГЫТТАРЫ**

Туризм факультетинде төмөндө берилген бөлүмдөрдө бакалавриат окуу программасы боюнча билим берүү ишмердүүлүгү жүргүзүлөт.

**Туризм жана мейманкана иштетүү бөлүмү**

Кыргызстанда күн санап өсүп жаткан туризм тармагынын мейманкана секторунун эң маанилүү муктаждыктарынын бири – бул квалификациялуу жумушчу күчү. Ушул себептен улам бул тармакта жогорку квалификацияга ээ болгон факультеттин бүтүрүүчүлөрү туризмдин бардык тармактарында жана бөлүмдөрүндө жумушчу күчүнө болгон муктаждыкты канааттандыруу боюнча маанилүү ресурс б.с. Бул бөлүмдө билим алган студенттер биринчи кезекте мейманкана ишмердүүлүгүн уюштурууда зарыл болгон каттоо жана жайгаштыруу, тейлөө жана жетекчилик кызмат орундарына даярдалат. Муну менен бирге билим берүү программалары тамак-аш жана суусундук жаатында шыктуу студенттерге бул багытта өздөрүн өнүктүрүп, билимин чыңдоого мүмкүнчүлүк берген курстарды да камтыйт.

**Саякат иши жана гид кызматы бөлүмү**

Туризм индустриясынын эң маанилүү бөлүмдөрүнүн бири болгон саякат тармагы Кыргызстанда өтө тездик менен өнүгүп жаткан тармактардын бири. Кыргызстан туризми келечекте да учурдагыдай эле бул жаатта билим алган даяр кадрларга муктаж болот. Ошондуктан бул тармакта квалификациялуу жумушчу күчүн даярдоо өтө чоң мааниге ээ. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрүнүн гид кызматында да, саякат агенттиктерде жетекчилик кыла алгыдай билимге ээ болуусу, келечекте бул тармактын бардык ишканалары тарабынан тандалган кадр болуусуна мүмкүндүк берет.

**Ресторан иши жана кулинардык өнөр бөлүмү**

Тамак-аш жана суусундуктарды даярдоо кызматы учурда өнүгүп келе жаткан тармактардын бири болуп саналат. Бул тренд Кыргызстандын тамак-аш жана суусундук секторуна да тиешелүү. Ушул себептен бул тармак көп киши эмгектенген жана эң көп жумушчу күчү талап кылынган тармактардын сап башында турат. Кыргызстандын тамак-аш жана суусундук өнөр жайлары менен түзүлгөн кызматташтык келишимдердин алкагында студенттер окуп жүргөн кезинде эле иштөөгө чакырылат. Ошондуктан бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү адистиги боюнча жумушка ээ болушуп, иш табуу боюнча көйгөй жаралбайт. Бул бөлүм эң алдыңкы физикалык инфратүзүмгө, багыты боюнча чоң тажрыйбага жана күчтүү профессордук-окутуучулук курамга ээ.

## ИНСТИТУТ

## ЖОЖдон КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ИНСТИТУТУ



**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

**МИССИЯ**

ЖОЖдон кийинки билим берүү институтунун миссиясы – түрк дүйнөсүнүн, өзгөчө, Кыргызстандын жана Түркиянын керегине жараган көсөм, жоопкерчиликтүү, заманбап, чыгармачыл ой жүгүрткөн, күнүмдүк жана актуалдуу проблемаларды илимге таянуу менен чече билген окумуштууларды, академиялык кызматкерлерди, адистерди жана жетекчилерди даярдап чыгаруу.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Түрк дүйнөсүнүн байыркы жана учурдагы материалдык жана руханий баалуулуктарын ачып көрсөтө алган, рационалдуу, жаңычыл жана заманбап илимий түшүнүктөр менен тааныш болуу менен бирге өзүн тынымсыз өнүктүргөн, илимий жана башка маалыматтар менен бөлүшкөн, түрк цивилизациясынын өнүгүшүнө салым кошкон, Кыргызстандын, Түркиянын жана түрк дүйнөсүнүн эл аралык деңгээлдеги алдыңкы институттарынын бири болуу.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Институттун кыска жана узак мөөнөттүү максаттары 5 негизги максат жана милдеттерден турат:

1. Ченемдик укуктук документтерди иштеп чыгуу
2. Студенттердин санын жөнгө салуу
3. Билим берүү сапатын арттыруу
4. Инновациялык жана приоритеттүү тармактар боюнча ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын ачуу
5. Институттун туруктуу өнүгүүсүн жана эл аралык аренада таанылуусун камсыздоо.

Максат жана милдеттердин анализи:

1-МАКСАТ: ЖОЖдон кийинки билим берүү программасында окуган студенттердин санын көбөйтүү;

1-милдет: Ар бир кафедрадагы студенттердин санын жөнгө салуу;

2-милдет: Ар бир программадагы студенттердин санын жөнгө салуу;

3-милдет: Окууну бүтүргөн жана окуудан чыгарылган студенттердин санын жөнгө салуу;

4-милдет: Ар бир жыл үчүн бөлүнгөн студенттик квотаны толтуруу жана келечекте ЖОЖдон кийинки билим берүү программасында окуган студенттердин санын бакалавр программасында билим алып жаткан студенттердин 30%ына жеткирүү;

5-милдет: Институтту таанытуу жана жарнамалоо стратегияларын жакшыртуу.

Аткарылган иштер жана алдын алуу иш-чаралары:

Ар бир окуу жылы үчүн бөлүнгөн студенттик квотанын толгонуна же кыскартылбаганына жараша сунушталган студенттик квотанын өлчөмү аныкталууда. Студенттердин окуудан чыгуусуна себеп болгон жагдайларды жоюу жана алардын укуктарынын бузулушуна жол бербөө үчүн ченемдик укуктук документтерди иштеп чыгуу иштери аяктады. Ар бир студентке жеке мамиле жасоонун жыйынтыгында окуусун таштаган студенттердин санын азайтууга багытталган иштер жүргүзүлүүдө.

Жыл сайын квотаны аныктоо иштеринин алкагында институттун кафедраларында иштеген окутуучулардын илимий басылма жарыялоо жана илимий жетекчилик кылуу иштери боюнча баалоо отчету даярдалып, бул маселе боюнча сунуштар ректораттын кароосуна берилген.

2-МАКСАТ: Ченемдик укуктук документтерди даярдап бүтүү

1-милдет: Күчүнө кирген жаңы ченемдик укуктук документтерге ылайык бардык процедураларды шайкеш жүргүзүү;

2-милдет: Буга чейин бар болгон формаларды кайра карап чыгуу жана жаңы формаларды түзүү.

Аткарылган иштер жана алдын алуу иш-чаралары:

Институттун жаңыртылган ченемдик укуктук документтерине ылайык, бар болгон формалар түрк жана кыргыз тилдеринде кайра карап чыгылып, ошондой жаңы формалар даярдалып, институттун веб-сайтында жарыяланган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы токтомуна ылайык, ЖОЖдон кийинки билим берүү боюнча нускама менен Магистратура жана докторантура программаларын ишке ашыруу боюнча жоболор жаңыртылып, Ректораттын кароосуна жана бекитүүсүнө сунушталган.

3-МАКСАТ: Билим берүү сапатын арттыруу:

1-милдет: Билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн эффективдүү колдонуу;

2-милдет: ЖОЖдон кийинки билим берүүдө диссертациялык иштин долбоорун даярдоо;

3-милдет: Студент алмашуу программаларын активдештирүү;

4-милдет: Басылмалардын сапатын жакшыртуу;

5-милдет: Дисциплиналар аралык программаларды иштеп чыгуу, институттун кызматкерлеринин штаттык санын түзүү жана көбөйтүү:

Аткарылган иштер жана алдын алуу иш-чаралары:

Студент алмашуу программалары боюнча мүмкүнчүлүктөрдү системалаштыруу жана уюштуруу иштерин жүргүзүү үчүн институттун кафедраларында эмгектенген илимий даражалуу окутуучулардан турган Студент алмашуу ишмердүүлүгүн баалоо комиссиясы түзүлүп, өз ишин улантууда.

2024–2025-окуу жылында Кумамото университети менен жүзөгө ашырылган кош дипломдук

докторантура программасынын алкагында экологиялык инженерия багыты боюнча докторантура программасында окуган Жийде Токпаева сабактарды ийгиликтүү аяктап, Японияга жөнөтүлгөн.

Студенттердин магистрдик жана доктордук диссертацияларынын план-проспектисин түзүүсүнө колдоо көрсөтүү менен сапаттуу диссертациялык иштердин жазылышын камсыздоо үчүн магистрдик/ доктордук диссертацияны жазуу боюнча жоболор жаңыланып, студенттер үчүн тиешелүү семинарлар өткөрүлгөн.

Ошондой эле, 2024–2025-окуу жылында Мевлана алмашуу программасы жана Орхун алмашуу программасынын алкагында 2 магистрант жана 1 докторант Эге университетинде билим алышкан.

4-МАКСАТ: Инновациялык жана приоритеттүү тармактар боюнча ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын ачуу

1-милдет: Кош дипломдуу программаларды компетенттүү пайдалануу;

2-милдет: Орток диплом берүүчү программалар боюнча кызматташуу;

3-милдет: Студент алмашуу, орток долбоорлор, студенттик стажировкадан өтүү жаатында кызматташуу;

4-милдет: "2040-жылга карата Түрк дүйнөсүнүн концепциясы" алкагында институтта тиешелүү темаларда диссертациялык иштерди, долбоорлорду, отчётторду жана башка академиялык иш-чараларды жүзөгө ашыруу.

Аткарылган иштер жана алдын алуу иш-чаралары:

КТМУнун табигый илимдер институту менен Кумамото университетинин илим жана технология институтунун ортосунда ишке ашырылып жаткан магистратура жана докторантура деңгээлиндеги кош диплом программаларынын алкагында Кумамото университетинин Борбордук Азия боюнча координатору проф. Мицуё Кишида (Vice-Director, Global Joint Education Center for Science and Technology, Graduate School of Science and Technology) менен 2024-жылдын июнь айында кызматташтыкты өнүктүрүү боюнча сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Артыкчылыктуу багыттарда стипендия ыйгарылуучу ЖОЖдон кийинки билим берүү программасынын алкагында 2024–2025-окуу жылынын күзгү семестринде институттун тарых, журналистика, педагогика, эл аралык мамилелер, түркология жана өсүмдүктөрдү коргоо кафедраларында 3 докторант жана 4 магистрант билим ала баштаган.

Биздин институтка болгон кызыгуунун көрсөткүчү катары Андижан айыл чарба жана агротехника университети менен Наманган университетинин делегациялары институттун ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча маалымат алмашуу максатында иш сапары менен келишкен.

**КАФЕДРАЛАР**

Институтта 25 кафедрада жалпысынан 40 билим берүү программасы, анын ичинде 26 магистратура жана 14 докторантура программалары ишке ашырылууда.

## ЖОГОРКУ МЕКТЕП

### ЧЕТ ТИЛДЕР ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ




**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

Чет тилдер жогорку мектеби тил үйрөтүү курсундагы милдеттүү түрдө окутулуучу тилдерди (түрк, кыргыз, англис, орус, кытай тилдери), кесиптик орто билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттерге чет тилин үйрөтүү (англис тили, орус тили, немис тили) сыяктуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тил үйрөтүүгө байланыштуу бардык иш-аракеттерин аткаруу максатында ачылган. Жогорку мектеп 1997-жылдын 26-ноябрында Бишкек шаарындагы Манас проспектиси, 16 дарегинде жайгашкан эски балдар бакчасында түрк тилин жана англис тилин үйрөтүү менен билим берүү ишмердүүлүгүн баштаган. Тынчтык проспектиси, 56 дарегинде жайгашкан башкы имарат ачылгандан тарта «Чет тилдер жогорку мектеби» деген аталыш менен ишмердүүлүгүн улантткан. Чет тилдер жогорку мектеби алгачкы жолу 1999-2000-окуу жылында университеттин академиялык түзүмүнө кирген.

**МИССИЯ**

Түрк мамлекеттеринин жана боордош коомчулуктардын бардык катмарынын өкүлдөрү эриш-аркак билим алуусу жана орток түшүнүктөрдү калыптандыруусу үчүн шарт түзүү, өз тармагында компетенттүү, өзүнө болгон ишеними жогору, орток тилибизди жана орток маданий баалуулуктарыбызды жуурулуштуруу менен улуттук иденттүүлүгүн калыптандырган, эне тилдин улуулугун аңдаган, түрк жана кыргыз тилинин экспрессивдүүлүгүн түшүнгөн, ошол эле учурда заманбап дүйнөдөгү бардык тармактарды айкалыштыруу менен өнүгө алган, чет тилин билген, эл аралык деңгээлде иштей ала турган жаштарды тарбиялоо.

**КОНЦЕПЦИЯ**

Түрк тили жана кыргыз тили менен катар англис, орус, немис, кытай жана башка тилдерди окутуу жаатында эл аралык деңгээлдеги бренд болуу менен бирге илимий изилдөөлөр аркылуу иштеп чыккан жаңы усул-ыкмаларын, техникаларын коомго сунуштаган абройлуу жана таанымал жогорку мектеп болуу.

**МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР**

Чет тилдер жогорку мектебинин тил үйрөнүү курсунда (түрк тили, кыргыз тили; айрым бөлүмдөрдүн студенттери үчүн англис тили, орус тили, кытай тили) билим берүү тили милдеттүү түрдө окутулат. Кесиптик орто билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттерге чет тили катары окутулган англис, орус, немис тилдери менен бирге жалпы билим берүү сабагы катары кыргыз тили жана адабияты сабактары окутулат. Чет тилдер жогорку мектеби Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тил үйрөтүүгө байланыштуу бардык иштерин жүзөгө ашыруу үчүн ачылган.

Иш-чаралар:

1. Даярдоо курсунда кыргыз тили, түрк тили, англис тили, орус тили, кытай тили билим берүү тили катары милдеттүү түрдө окутулат;

2. Кесиптик орто билим берүү, бакалавр жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларынын чет тили боюнча милдеттүү/ тандама сабактары орус, англис, немис тилдеринде окутулат;

3. Даярдоо курсунда студент тандаган бөлүмгө жараша кыргыз жана түрк тилдеринен сырткары чет тил сабагы (англис, кытай, орус тилдери) окутулат;

4. Кесиптик орто билим берүү, бакалавр программаларынын студенттерине милдеттүү/ тандама кыргыз тили жана адабияты сабактары окутулат;

5. Кыргызстандагы мамлекеттик мекемелердин суроо-талабы боюнча кыргыз тили үйрөтүлөт;

6. Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн суроо-талаптары боюнча түрк тили үйрөтүлөт;

7. Кыргызстандагы мамлекеттик мекемелердин суроо-талабы боюнча англис тили үйрөтүлөт;

8. Коомдук жана табигый илимдер институтунун студенттерине милдеттүү тил катары кыргыз жана түрк тилдери, о.э. чет тилдери окутулат;

9. Кыргызстандагы Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте «орус тилинде билим берген мектептерде кыргыз тилинен окуткан мугалимдерге семинарлар» уюштурулат;

10. Түркиядагы Анкара университети, ТӨМЕР (Түрк тилин үйрөтүү борбору) жана ушул сыяктуу мекемелер менен кызматташуу жүргүзүлөт;

11. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты тарабынан кол коюлган протоколго ылайык билим берүү жаатында түрдүү кызматташуулар жүргүзүлөт.

## ОРТО КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖ



### ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### МИССИЯ

Кыргызстан жана башка Орто Азия өлкөлөрүндө жумушка орношо алган, коомдук экономикалык жана технологиялык өнүгүүгө салым кошууга умтулган, дүйнөлүк баалуулуктарга таянган, өз адистиги боюнча бардык маалыматка ээ, технологияны өздөштүргөн жана өз жөндөмдөрүн туура пайдалана билген, чыгармачыл, өзүнө ишенген, маданияттуу жана коммуникабелдүү, кесиптик этиканын чегинде иш-аракет кылган, талап кылынган адистиктерди жана ыкмаларды өздөштүргөн квалификациялуу адистерди даярдоо жана кесиптик жактан өркүндөтүү.

